# АЯЛДАРГА ЖАНА КЫЗДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК КӨРСӨТҮҮГӨ БАЙЛАНЫШКАН КЫЛМЫШТАР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮН ЖАНА СОТТО МАМЛЕКЕТТИК АЙЫПТООНУ КОЛДОО БАСКЫЧТАРЫНДА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ

Практикалык колдонмо

# Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жана сотто мамлекеттик айыптоону колдоо баскычтарында прокурордук көзөмөл

Практикалык колдонмо

Бишкек 2022

УДК 347.9

ББК 67.72

П 80

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жана сотто мамлекеттик айыптоону колдоо баскычтарында прокурордук көзөмөл / Авторлор-түзүүчүлөр: Момбекова А.Б., Асакеев Э.Э., Саитов Т.Ж., Сыдыгалиев М.У., Илибезова Л.К., Карпович Е.И. — Б.: 2022, 98 с.

ISBN 978-9967-481-60-2

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөө кызматкерлерин кесиптик даярдоо борборунун директору, юридика илимдеринин кандидаты А.Б.Молдобаевдин жалпы редакциясы алдында.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөөнү жана изин суутпай издөө ишин көзөмөлдөө жана кылмыш-жаза, жарандык өндүрүшү боюнча жана соттук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыктары тарабынан жактырылды.

Колдонмо аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүштүн баскычтарында прокурордук көзөмөл жүргүзгөн жана сотто мамлекеттик айыптоочу катары катышуучу прокурорлорго арналган. Колдонмо аялдарды жана кыздарды зомбулуктан коргоо боюнча эл аралык жана улуттук мыйзамдардын серептерин, сот адилеттигинин бардык баскычтарында жабырлануучуларга көрсөтүлүүчү базалык кызматтарды жана жардамдарды камтыйт. Бул багыттагы кылмыштардын жазык-укуктук мүнөздөмөсүнө, аялдарга жана кыздарга карата зомбулук иштери боюнча сотко чейинки өндүрүшкө прокурордук көзөмөл жана мамлекеттик айыптоону колдоого арналган бөлүмдөр өзгөчө кызыгууну туудурат.

Колдонмо юридикалык жогорку окуу жайлардын студенттерине, ошондой эле зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга укук коргоо кызматтарын көрсөтүүгө кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө пайдалуу болот.

Колдонмо сатуу үчүн арналган эмес, бекер таратылат, колдонууга жана тиешелүү шилтемелер менен кайра чыгарууга болот.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөө кызматкерлерин кесиптик даярдоо борбору тарабынан «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, БУУнун жана Европа Биримдигинин «Жарык шооласы» биргелешкен демилгесинин алкагында даярдалды.

ISBN 978-9967-481-60-2

УДК 347.9
ББК 67.72

©Түзүүчүлөр жамааты, 2022 ж.

# Кыскартуулардын тизмеси

| | | |
|---|---|---|
| **АМС** | — | Автоматташтырылган маалымат системасы |
| **ГЗ** | — | Гендердик зомбулук |
| **БП** | — | Башкы прокуратура |
| **КБР** | — | Кылмыштардын бирдиктүү реестри |
| **АБЖК** | — | Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы |
| **КР** | — | Кыргыз Республикасы |
| **АКЗ** | — | Аялдарга карата зомбулук |
| **АУП** | — | Аракеттердин улуттук планы |
| **ҮК** | — | Үйбүлөө кодекси |
| **КЖК** | — | Кылмыш-жаза кодекси |
| **КЖПК** | — | Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси |
| **БУУ** | — | Бириккен Улуттар Уюму |

# Мазмуну


**Кыскартуулардын тизмеси ... 3**

**Киришүү ... 6**

**1-глава. Зомбулукка кабылган аялдарды жана кыздарды коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык жана улуттук мыйзамдарга сереп ... 7**

1.1. Аялдарга карата гендердик зомбулукка таасир этүүчү чараларды күчтөндүрүү үчүн эл аралык негиздер ... 7

1.2. Кыргыз Республикасынын гендердик зомбулуктун алдын алуу жана каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары ... 10

1.3. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун түшүнүгү жана формасы ... 15

1.4. Сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча стандарттуу операциялык процедуралар ... 17

1.4.1. Гендердик зомбулукка каршы күрөшүүдө прокурорлордун ролу ... 17

1.4.2. Прокуратура органдары тарабынан кызмат көрсөтүүнүн принциптери жана стандарттары ... 18

1.4.3. Сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызматтар ... 23

1.4.4. Зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын психологиялык абалынын өзгөчөлүктөрү ... 27

1.4.5. Зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга мамиле кылуунун стандарты ... 32

1.4.6. Басмырлоонун жана зомбулуктун көп түрүнө кабылган аялдарга жана балдарга мамиле кылуунун өзгөчөлүктөрү ... 36

**2-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштардын кылмыш-жаза-укуктук мүнөздөмөсү ... 44**

2.1. Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар ... 44

2.2. Инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштар ... 59

2.3. Үй-бүлө мамилелеринин салттарына жана балдардын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар (никеге туруу максатында ала качуу, иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо, адамды никеге турууга мажбурлоо, диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу, эки жана андан көп аял алуу, үй-бүлөлүк зомбулук) ... 65

**3-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан сотко чейинки өндүрүштүн жүргүзүлүшүнө прокурордук көзөмөл ........ 75**

3.1. Укуктук негиздер жана кылмыштардын тергөөсүнүн жүргүзүлүшүндө прокурордун ыйгарым укуктары........ 75

3.2. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштардын тергөөсүнө көзөмөл жүргүзүү боюнча методикалык сунуштамалар ........ 81

**4-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук иштери боюнча сотто прокурордун мамлекеттик айыптоонун колдоосу........ 89**

4.1. Прокурордун мамлекеттик айыптоонун колдоосунун укуктук мааниси ........ 89

4.2. Мамлекеттик айыптоонун колдоонун тактикасы ........ 90

4.3. Соттук териштирүүгө катышкан адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу........ 94

**Колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси ........ 97**

# Киришүү

Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун принциптерине ылайык, мамлекеттер, жынысына карабастан адам укуктарынын ар кандай бузулушунун алдын алууга, иликтөөгө жана жазалоого, зомбулуктун курмандыгы болгон аялдарга жана кыздарга укуктук жардам көрсөтүүгө, анын ичинде аларга коргоо, колдоо көрсөтүүгө жана зыянды кайтарууга милдеттүү.

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук адам укуктарын одоно бузуу басмырлоонун өзгөчө оор түрү болуп саналат. Бул көрүнүш аялдардын жана кыздардын ден соолугуна, анын ичинде сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолугуна кыска жана узак мөөнөттүү зыяндуу таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аялдарга жана кыздарга карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча атайын чараларды көрүп, зомбулуктун алдын алуу, жабырлануучуларды коргоо жана колдоо, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу жана жазалоо боюнча комплекстүү стратегияларды жана саясатты иштеп чыгууда.

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын алдында аялдарга жана кыздарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу, кесепеттерин жоюу жана иликтөө жаатындагы көзөмөлдүн сапатын жогорулатуу, ошондой эле ушул категориядагы иштер боюнча мамлекеттик айыптоону колдоодогу прокуратура органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу милдети турат.

Аялдардын жана кыздардын укуктарын зомбулуктан коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, БУУнун жана Европа Биримдигинин биргелешкен «Жарык шооласы» демилгесинин алкагында бул колдонмону иштеп чыгуу демилгеленди. Колдонмо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөө кызматкерлерин кесиптик даярдоо борбору жана «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ тарабынан даярдалды.

# 1-глава. Зомбулукка кабылган аялдарды жана кыздарды коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык жана улуттук мыйзамдарга сереп

## 1.1. Аялдарга карата гендердик зомбулукка таасир этүүчү чараларды күчтөндүрүүчү эл аралык негиздер

Аялдарды жана кыздарды зомбулуктан коргоонун эл аралык укуктук базасы жалпысынан эки көз караштан каралат: жынысына карабастан адам укуктары боюнча мыйзамдар жана аялдарды жана балдарды коргоого багытталган атайын мыйзамдар.

Акыркы жылдары бир катар эл аралык документтер кабыл алынып, аларга ылайык аялдарга карата зомбулук аялдардын укуктарын олуттуу чектеген басмырлоонун бир түрү катары таанылган.

БУУнун Уставынын 1 (3) беренесинде БУУнун максаттарынын бири экономикалык, социалдык, маданий жана гуманитардык мүнөздөгү эл аралык көйгөйлөрдү чечүү жана расасына, жынысына, тилине жана динине карабастан бардык адамдардын укуктарын жана негизги эркиндиктерин урматтоону илгерилетүү жана өнүктүрүү айтылат.

Басмырлоого, анын ичинде жынысы боюнча басмырлоого тыюу салуу принциби Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (1948-ж.) Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (1966-ж.) 1 жана 2-беренелеринин өзөгүн түзөт, Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактыда (1966-ж.) жана эки Факультативдик протоколдор биргеликте алар Адам укуктары боюнча эл аралык Биллди түзөт.

Аялдар Адам укуктары боюнча эл аралык Биллде жазылган бардык укуктардан, анын ичинде жашоого болгон укук; эркиндик; жеке коопсуздук; ден соолук үчүн зарыл болгон татыктуу жашоо деңгээлине;

бирдей эмгек үчүн бирдей акы алуу; билим алуу; кулчулуктан эркин болуу; сот органдарында бирдей корголуу сыяктуу негизги маанилүү укуктардан пайдалана алышат.

Адам укуктары боюнча жалпы документтерден тышкары, аялдардын өзгөчө муктаждыктары атайын келишимдерде, эл аралык жана ички куралдуу кагылышууларда колдонулуучу гуманитардык укукта жана адам укуктарын сактоо боюнча баяндамаларды жана сунуштарды эске алуу менен көптөгөн мамлекеттердин практикалык тажрыйбасынын негизинде иштелип жаткан Бириккен Улуттар Уюмунун моделдик мыйзамдарында таанылган.

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция (CEDAW), (1979-ж) жана анын Факультативдик протоколу (1999-ж.) мамлекеттердин үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жаатындагы саясатын калыптандыруу үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Бул документтер гендердик теңчиликке жетишүүгө, ошондой эле аялдарга карата басмырлоочу көрүнүштөрдү кыскартууга багытталган иш-аракеттердин улуттук планын так аныктайт. Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция көп учурда аялдардын укуктарынын эл аралык билли деп аталат, анткени башка декларациялардан айырмаланып, ал аялдардын укуктарын ишке ашыруунун юридикалык жактан милдеттүү принциптерин жана стандарттарын аныктайт.

Конвенциянын негизги максаты — глобалдык өнүгүү, жыргалчылык, адилеттүү дүйнөлүк экономикалык тартипти орнотуу, эл аралык тынчтык жана коопсуздук аялдардын эркектер менен бирдей негизде максималдуу катышуусун талап кылаарын таануунун негизинде аялдардын тең укуктуулугуна жетишүү.

Конвенциянын преамбуласында анын кабыл алынышы адам укуктары боюнча бир катар келишимдерге карабастан, аялдар эркектер менен бирдей укуктарга ээ эместиги жана бардык өлкөлөрдө аялдарга карата басмырлоо сакталып калгандыгы менен түшүндүрүлөт. Адам укуктары боюнча жалпы документтерде аялдарга карата зордук-зомбулук коомдук чөйрөдө жана расмий органдарда гана эмес, үй-бүлөлүк турмушта, жакын адамдар тарабынан да жасалышы мүмкүн экендиги эске алынган эмес.

Конвенциянын 1-беренесине ылайык, аялдарга карата басмырлоо аялдардын үй-бүлөлүк абалына карабастан, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун, адам укуктарынын жана саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка чөйрөдөгү негизги эркиндиктеринин негизинде аларды таанууга, пайдалануусуна же жүзөгө ашыруусуна зыян келтирүүгө же жокко чыгарууга багытталган ар кандай айырмалоо, четке кагуу же жыныстык негизде чектөө эсептелет.

Конвенцияда саясий укуктар, нике жана үй-бүлө жана жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү аялдарга карата басмырлоонун конкреттүү тармактары аныкталган.

Дагы бир маанилүү эл аралык документ болуп Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитетинин он биринчи сессиясында бекитилген №19 Башкы сунуштама (мындан ары №19 Сунуштама) саналат. №19 сунуштама басмырлоону аялдарга карата зомбулукту, б.а. аял болгондугу үчүн аялга карата жасалган зомбулукту камтый тургарын белгилейт. Бул физикалык, психикалык же сексуалдык мүнөздөгү зыянды же азаптарга кириптер кылуучу аракеттерди, мындай аракеттерди жасоо менен коркутуу, мажбурлоо жана эркиндикти бузуунун башка түрлөрүн камтыйт.

№19 сунуштамада үй-бүлөдөгү зомбулук аялдарга карата зомбулуктун эң ырайымсыз түрлөрүнүн бири экени айтылат. Үй-бүлөдө бардык курактагы аялдар зомбулуктун бардык түрлөрүнө, анын ичинде уруп-сабоолорго, зордуктоого, сексуалдык зомбулуктун башка түрлөрүнө, психологиялык зомбулукка жана салттуу ыкмалар менен уланган зомбулуктун башка түрлөрүнө дуушар болушат. Экономикалык көз карандысыздыктын жоктугу көптөгөн аялдарды мындай кыянаттык мамилелерге чыдоого мажбурлайт. Үй-бүлөдөгү зомбулуктун бул түрлөрү аялдардын ден соолугуна коркунуч келтирип, алардын үй-бүлө жана коомдук турмушка бирдей катышуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

Балдарды зомбулуктан коргоого багытталган эң маанилүү документ — Баланын укуктары жөнүндө Конвенция (1989-ж.). Конвенция балдардын өзгөчө камкордукка жана жардамга укугу бар экенин, алардын инсандыгын толук жана гармониялуу өнүктүрүү үчүн бала үй-бүлөлүк чөйрөдө, бакыттын, сүйүүнүн жана түшүнүүчүлүктүн атмосферасында чоңоюшу зарыл экендигин тастыктайт.

1995-жылы Пекинде БУУнун Аялдардын абалы боюнча IV-Бүткүл дүйнөлүк конференциясы өткөн. Конференцияда саясий документтер — Декларация жана платформасы кабыл алынган. Пекин Иш-аракеттер платформасында тынчсызданууну жана токтоосуз чара көрүүнүн талап кылган 12 багыт аныкталган жана бул максаттардын бири аялдарга карата зомбулукту жоюу болуп саналат. «Пекин+20»[1] кароо боюнча жыйынынын катышуучулары бардык багыттар боюнча ачык прогресске карабастан, жетишилген натыйжалар азырынча туруктуу эмес деген бүтүмгө келишкен. Катышуучулар тарабынан эч кандай каада-салт, эч кандай салт, маданият, дин же практика аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту актай албайт жана мамлекетке мындай зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү, ошондой эле ага күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу жоопкерчилигинен баш тартууга укук бербей турганын белгиленген.

2000-жылы Коопсуздук Кеңеши аялдар, тынчтык жана коопсуздук боюнча 1325 резолюциясын кабыл алган, бул куралдуу кагылышууларда аялдарга карата зомбулукка каршы күрөштүн маанилүү учуру болуп калды. Куралдуу кагылышуу учурунда жана андан кийин аялдардын жана кыздардын укуктарын коргогон мыйзамдардын кынтыксыз аткарылышынын зарылдыгын моюнга алуу менен, резолюция куралдуу кагылышуулардын кырдаалында аялдарды жана кыздарды гендердик зомбулуктан коргоо боюнча атайын чараларды көрүүнү талап кылат.

## 1.2. Кыргыз Республикасынын гендердик зомбулуктун алдын алуу жана каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-бер. 3-бөл. ылайык, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат[2]. КРнын Конституциясына ылайык, мамлекет Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде

1 Пекин декларациясын жана «Пекин+20» иш-аракеттер платформасын ишке ашыруунун алкагындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук сереби.

2 2021-жылдын 11-апрелинде жалпы элдик добуш берүүдө (референдумда) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы

жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат. Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес. Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (24-бер.).

Кыргызстанда басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынат (32-бер.). Кыргыз Республикасында баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдонулат (27-бер.).

КРнын Конституциисынын 58-беренеси, ар бир адам өзүнүн бузулган укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык адам укуктары боюнча эл аралык органдарга кайрылууга укуктуу экендигин аныктайт.

**Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодекси**[3] нике курагы он сегиз жаш деп белгилейт. Кодекс ошондой эле жубайлардын тең укуктуулугун камсыздайт — үй-бүлөдө жубайлардын бири-бирине карата гендердик басмырлоо жасашына жол берилбейт. Балдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо Кодекстин Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын бардык эң маанилүү жоболорун чагылдырган өзүнчө главада каралган. Алсак, ата-эне укуктарын жүзөгө ашырганда ата-эне балдарынын тулкубоюна жана психикалык жагынан дени сак, ыймандуу жетилишине залал келтирүүгө укугу жок. Балдарга тарбия берүүдө кайдыгерлик, зөөкүрдүк, оройлук, адамдык аброюн кемсинтүү, мазактоо же балдарды эзүү усулу болбоого тийиш (70-бер). Эгерде, ата-эне (алардын бири) балдарга зөөкүрдүк жасаса, анын ичинде анын тулкубоюна жана психикасына зомбулук көрсөтсө, жыныстык кол тийгистигине кол салса ата-энелик укуктардан ажыратылышы мүмкүн (74-бер). Бала өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого укуктуу. 14 жашка толгон бала баланын укуктары менен мыйзамдуу кызы-

3 Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-августундагы № 201 Үйбүлө кодекси (КРнын 2020-жылдын 17-августундагы № 135 Мыйзамынын редакциясына ылайык).

кчылыктары, анын ичинде ата-энеси (аларды алмаштырган адамдар) тарабынан баланы тарбиялоо, билим берүү боюнча өз милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарбаганда, болбосо ата-энелик укуктардан кыянаттык менен пайдаланганда сотко кайрылууга укуктуу (61-бер.).

**Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинде**[4] мамлекет баланын жеке кол тийбестигин камсыз кылат, аны дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен, анын ичинде үй-бүлө чөйрөсүндө коргоолору белгиленген (16-бер.). Кодексте үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган балдарды аныктоо, аларга жардам көрсөтүү жана реабилитациялоо боюнча чаралар каралган. Мисалы, баланын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келип чыккан учурларда (физикалык, психологиялык, сексуалдык зомбулукту колдонуу, зомбулук же эксплуатациялоо) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган ички иштер органдары менен бирдикте баланы коргоо боюнча аны үй-бүлөдөн ажыратканга чейин кечиктирилгис чараларды көрүүгө укуктуу.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде** аялдарга жана кыздарга карата зомбулук менен байланышкан кылмыштар — жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар, инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштар, ошондой эле үй-бүлө мамилелеринин салттарына жана балдардын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар өзүнчө главаларга бөлүнгөн.

Үй-бүлөдөгү зомбулук үчүн жоопкерчилик **Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин**[5] балдардын кызыкчылыктарына жана үй-бүлө мамилелеринин тартибине каршы укук бузуулар главасында каралган.

**«Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** ар кандай жыныстагы адамдарга карата ишмердүүлүктүн ар кандай тармагында тике жана кыйыр гендердик басмырлоого тыюу салат.

4 2012-жылдын 10-июлундагы № 100 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси (КРнын 2020-жылдын 1-августундагы № 109 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
5 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилди)

**«Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**[6] укук бузуулардын алдын алуунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт жана Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жаатында келип чыгуучу коомдук мамилелерди жөнгө салат. Ошол эле Мыйзам ***кылмыштуулуктун алдын алуу*** деп — жарандарды коргоонун деңгээлин жогорулатууга, кылмыштуулуктун деңгээли, укук бузууларды жасоого түрткү болгон себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюуга түз же кыйыр түрдө багытталган, укук бузуулардын алдын алуунун субъекттери тарабынан көрүлүүчү укуктук, социалдык-экономикалык, психологиялык, маалыматтык, уюштуруучулук жана башка чаралардын тутуму аныкталат. Ушул Мыйзамга ылайык, алдын алуу иш-чараларына төмөнкүлөр кирет: 1) алдын алуу аңгемелешүүлөрүн өткөрүү; 2) расмий эскертүү берүү; 3) укук бузуучулуктун алдын алуу объектисин реабилитациялоо программаларына, социалдык калыбына келтирүү программаларына жана түзөтүү программаларына киргизүү, алар үй-бүлөлүк зомбулуктун ар бир учурунда ушул жосунду жасаган адамга карата жана жабырлануучуга (аял жана/же бала) толук колдонулушу мүмкүн жана колдонулууга тийиш экендигин белгилейбиз.

**«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**[7] (мындан ары Мыйзам),үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны болтурбоонун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук сактоону жана коргоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт.

Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун андан да оор кесепеттерин алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды кабыл алууну, мындай актуалдуу көйгөйдү чечүүгө субъектердин кеңири чөйрөсүн тартууну жана бул процессте мамлекеттик мекемелердин жоопкерчилигин күчөтүүнү карайт. Үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу жана жабырлануучуларды мамлекеттик коргоону камсыз кылуу максатында Мыйзамда убактылуу коргоо ордерлери жана соттук коргоо ордерлери камтылган атайын чаралар колдонулат. Белгилей кетсек, Мыйзам көпчүлүк

6 2021-жылдын 5-майындагы №60 «Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

7 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (КР 2020-жылдын 15-апрелиндеги № 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

учурда бири-бирине көз каранды эмес жана баш ийүүчүлүк мамилелеринде болбогон субъекттердин кеңири чөйрөсүн аткарууга катышууну карайт. Демек, Мыйзамда каралган функцияларды аткаруу ведомстволор аралык кызматташуунун жана өз ара аракеттенүүнүн жогорку деңгээлин, Мыйзамдын бардык субъекттеринин ортосунда системалуу маалымат алмашууну билдирет.

***Мыйзамдын 6-бер. ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге төмөндөгүлөр кирет:***

— Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;

— Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

— сот;

— прокуратура;

— ички иштер органдары;

— социалдык өнүктүрүү органдары;

— саламаттык сактоо органдары;

— билим берүү органдары;

— юстиция органдары;

— балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

— Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);

— адвокатура;

— жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;

— жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

— аксакалдар соту;

— жалпыга маалымдоо каражаттары;

— өз компетенцияларынын чектеринде башка уюмдар.

Жогорудагы Мыйзамдын 9-бер. ылайык, прокуратура органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү жүзөгө ашырат; үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, ден соолук абалы, курагы боюнча же башка себептерден улам сотто өз укуктарын жана эркиндиктерин өзү коргой албаган адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында сотко кайрылат; прокуратура кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашырат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын**[8] ишке ашыруу максатында «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен: менен а)Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби; б)Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү тартиби жана Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасы бекитилген.



## 1.3. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун түшүнүгү жана формасы

Аялдарга карата зомбулукту жок кылуу боюнча Декларацияда (1993-ж.) ***аялдарга карата зомбулукка*** төмөнкү учурларды камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:

а) ***үй-бүлөдө орун алуучу физикалык, жыныстык жана психологиялык зомбулук***, анын ичинде үй-бүлөдө кыздарга карата жыныстык мажбурлоо, сепке байланыштуу зомбулук, аялын кү-

8 2019-жылдын 1-августундагы №390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому

йөөсү зордуктоосу, аялдардын жыныстык органдарын жабыркатуу жана аялдарга зыян келтирүүчү башка салттуу практикалар, никеден тышкаркы зомбулук жана эксплуатациялоого байланыштуу зомбулук;

b) жалпысынан ***коомдо орун алуучу физикалык, жыныстык жана психологиялык зомбулук****,* анын ичинде зордуктоо, жыныстык мажбурлоо, жумушта, окуу жайларында жана башка жерлерде жыныстык асылуу жана коркутуу, аялдарды сатуу жана сойкулукка мажбурлоо;

c) кайсы жерде болбосун, ***мамлекет тарабынан физикалык, жыныстык жана психологиялык зомбулукка жол берилүүсү***.

Төмөндөгү текстен келип чыккан аялдарга карата зомбулуктун аныктамасы маанилүү чечмеленүүгө ээ: үй-бүлөдө же жеке жашоодо; жалпы эле коомдо же коомдук турмушта; мамлекет тарабынан тарабынан жол берилүүсү.

«Гендердик зомбулук», «аялдарга карата зомбулук», «жынысына карап зомбулук жасоо» деген терминдер көбүнчө синоним катары колдонулат. Бирок, кээ бир айырмачылыктар бар. ***Жынысына карап зомбулук жасоо*** биологиялык белгилер боюнча басмырлоону камтыйт, мисалы, репродуктивдүүлүккө же жыныс органдарын ритуалдык кесүүгө мажбурлоо. Ал эми ***«аялдарга карата зомбулук»*** түшүнүгү аялдарга карата жасалган зордук-зомбулук аракеттердин бардык спектрин камтыйт. ***«Гендердик зомбулук»*** термини жогоруда айтылгандардан сырткары, социалдык ролдорду өзүнө камтыган басмырлоочу аракеттерди билдирет. Мисалы, салттуу эркек ишмердүүлүгү болгон айдоочу, саясатчы, дизайнерлик менен алектенген аялдарга жасалган психологиялык басым, же болбосо балдарга кам көрүү же үй жумуштарын жасоо сыяктуу аялдын салттуу ролун аткарган эркектерди басмырлоо. Демек, гендердик зомбулукка аялдар да, эркектер да кабылышы мүмкүн.

Бирок эл аралык деңгээлде «гендердик зомбулук» жана «аялдарга карата зомбулук» терминдери бирдей колдонулат. Бул кокусунан эмес. Бул терминдердин теңдештирилгендигининин себеби, аялдарга карата зомбулук гендердик негизде, башкача айтканда, аялдар кокустан зомбулукка кабылбайт жана эркектер менен аялдардын ортосундагы тең

эмес мамилелерден улам, гендердик зомбулукка кабылгандардын көбү аялдар жана зомбулуктун көбү эркектер тарабынан жасалат.

Аялдар менен эркектер ар кандай кырдаалдарда зомбулукка кабылышат: эркектер куралдуу кагылышуудан же бейтааныш адамдар тарабынан жасалган зомбулуктан улам каза болушу мүмкүн, ал эми аялдар үчүн өздөрү тааныган адамдардын, анын ичинде интимдик өнөктөшүнүн колунан каза болуу мүмкүнчүлүгү жогору.

Көптөгөн коомдо аял салттуу түрдө эркекке карата баш ийүүчүлүк абалда болот, көбүнчө эркектин аялды зомбулук менен башкарууга укугу бар деп эсептешет. Зомбулуктан жабыркаган аялдар колдоо кызматтарына кайрылууга аракет кылган учурларда белгилүү бир тосколдуктарга туш болушат. Чындыгында, алардын сот адилеттигине жетүү үчүн ресурстары жана мүмкүнчүлүктөрү аз, бул алардын коомдогу абалынын төмөндүгүнө байланыштуу. Көп учурда мыйзамдар жана мыйзамдарды практикада ишке ашырган бийлик органдары гендердик зомбулукка эффективдүү таасир этүүчү тейлөө жана жардам көрсөтүү стандарттарын карашпайт.

## 1.4. Сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча стандарттуу операциялык процедуралар

### 1.4.1. Гендердик зомбулукка каршы күрөшүүдө прокурорлордун ролу

Эл аралык[9] изилдөөлөргө жана Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөлөргө[10], ылайык, гендердик зомбулукка кабылган аялдардын өтө аз бөлүгү ички иштер органдарына арыз менен кайрылышат. Андан соң

9 Адатта, гендердик кылмыштын жабырлануучуларынын 20%дан азы милицияга кайрылат. Бардык кайрылуулардын 7%дан азы кылмыш жасоого айыптоого алып келсе, ал эми 5%дан ашпаганы соттого алып келет.UNODC, Handbook on effective prosecution responses to violence against women and girls, 2014, p. 28, citing the 2008 International Violence Against Women Survey.

10 Аялдарга карата сексуалдык мүнөздөгү кылмыштар боюнча расмий статистика 55 эсеге, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча 16-18 эсеге төмөн. Ошол эле учурда сексуалдык кол салууга дуушар болгон аялдарды сурамжылоодо алардын бири да милицияга кайрылган эместигин билдирген, ал эми үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган учурда милицияга кайрылгандардын үлүшү 2%дан аз болгон. Бишкек ш. жана пилоттук жаңы конуштардагы виктимологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы. NSC, 2018. Төмөнкү шилтемеде: http://www.stat.kg/ru/publications/viktimologicheskoe-issledovanie-v-gbishkek-i-pilotnyh-novostrojkah/

алар сот адилеттигинин чынжырчасы менен барган сайын, айыптоону колдогон аялдардын саны азайып, аз сандагы жабырлануучулар гана сотко жетип, кылмышкерди соттоону талап кылышат. Ушундан улам, прокурорлорго мамлекеттик айыптоону колдоо милдети гана эмес, жабырлануучулардын сот адилеттигине жетүүсүн камсыздоо жана жолдогу тоскоолдуктарды жоюу жагы дагы жүктөлөт. Прокурорлор аялдарга карата гендердик зомбулукка каршы күрөшүүдө өзгөчө роль ойнойт, анткени алар өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде мыйзам үстөмдүгүн камсыздай алышат. Мындан тышкары төмөндөгүлөрдү ишке ашырышат:

— гендердик зомбулук фактылары башка кылмыштардай эле кылдат жана олуттуу каралышын камсыз кылууну;

— аялдарга карата гендердик кылмыштарды кылдат тергөөсүн көзөмөлдөө жана аларды коргоо жана күнөөлүүлөрдү жазалоо үчүн бардык мыйзамдык механизмдерди колдонууну;

— тергөө жана соттук териштирүүнүн стадияларында айыпталуучулардын, алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүлөрдүн, адвокаттардын, судьялардын жана процесстин башка катышуучулары тарабынан гендердик зомбулуктун жабырлануучуларын кайрадан виктимизациялоосуна жол бербөөгө көмөк көрсөтүүнү.

Прокурорлор өздөрүнүн сөздөрү жана иш-аракеттери аркылуу сот процессинде жабырлануучу аялдар башынан өткөргөн уятты жана стигманы жеңилдетүү үчүн күчтүү билдирүүлөрдү айта алышат.

### 1.4.2. Прокуратура органдары тарабынан кызмат көрсөтүүлөрүнүн принциптери жана стандарттары

Азыркы учурда гендердик зомбулуктун жабырлануучулары болгон аялдарга сот адилеттигин жана укуктук тартипти сактоо жаатында кызматтарды көрсөтүү үчүн стандарттуу ыкмалар жана принциптер эл аралык деңгээлде иштелип чыккан[11].

Прокурорлордун милдеттери улуттук мыйзамдар менен жөнгө салынарын эске алуу менен, эл аралык базалык кызматтар пакети жа-

11 Зомбулукка кабылган кыздар үчүн негизги кызмат пакети. Зордук-зомбулукка дуушар болгон аялдар жана кыздар үчүн негизги кызматтар пакети (https://www.unfpa.org/essential-services-package-women-and-girls-subject-violence — сайтында жеткиликтүү).

бырлануучулар менен алгачкы байланыштан соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенге чейинки өз ара аракеттенүү этаптары боюнча так жана кеңири жетекчиликке алуучу жоболорду көрсөтөт.

Гендердик зомбулуктан жапа чеккен аялдар менен иштөө стандарттары төмөнкү принциптерге негизделет:

### *Укук коргоочулук ыкма*

Мамлекет прокуратура органдары аркылуу аялдардын укуктарын урматтоого, коргоого жана сактоого милдеттүү экендигин тааныйт. Аялдарга жана балдарга карата зомбулук, бул алардын адамдык укуктарын фундаменталдык жактан бузуу, тактап айтканда алардын ден соолукка, өнүгүүгө, жашоого карата укугун, коркунучтан жана зомбулуктан эркин болуу укуктарын бузуу болуп эсептелет. Укук коргоочулук ыкмасы балдардын коопсуздуктарын, бакубат жашоолорун камсыз кылууну, балдардын кадыр-баркын сактоо, сыйлоо менен аяр мамиле жасоону камсыз кылууну артыкчылыктуу тартипте караштырат. Ал ошондой эле, учурда иштеп жаткан жогорку сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылууда максималдуу түрдөгү жеткиликтүү стандарттарга умтулууга чакырат.

### *Гендердик тең укуктуулукту илгерилетүү жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү*

Бул принципке ылайык, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун түпкү себеби аялдардын жана эркектердин ортосундагы тарыхый жактан калыптанып калган тең укуксуздук болуп эсептелет. Ошондуктан, аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көйгөйүн чечүү жашоонун бардык чөйрөлөрүндө гендердик тең укуктуулукка жетишүүдөн көз каранды. Мына ушуга байланыштуу, кызмат көрсөтүүлөр аялдарга жана балдарга карата жасалган зомбулукка кадимки көрүнүштөй мамиле кылууга же анын тамырын жайылтууга бөгөт коюуга, жоюуга чакырат. Прокурорлор аялдардын жана кыздардын өз алдынча чечим кабыл алууга, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдөн жана жардам көрсөтүүдөн баш тартуу чечимдерин кабыл алууга укуктуу болгон учурларда аялдардын эркинин эркинидигин жана тандоосуна көмөк көрсөтүүгө ишин багыттайт.

### *Басмырлоого жол бербөө жана маданий өзгөчөлүктөрдү сактоо*

Бул принцип гендердик зомбулуктун курмандыктары менен иштөөдө прокурор жабырлануучунун аймактык, этникалык, диний же тилдик таандыктыгына байланыштуу маданий өзгөчөлүктөрү менен кабардар болуусу керек дегенди билдирет. Жеке жагдайлар, аялдардын жана кыздардын турмуштук тажрыйбасы, ошондой эле алардын жашы, сексуалдык ориентациясы, майыптыгы бар же жок экендиги, өңүгүү өзгөчөлүктөрү эске алынууга тийиш. Прокурорлор бардык жабырлануучуларга, анын ичинде аялдарга, балдарга жана маргиналдуу топтордун мүчөлөрүнө бирдей мамиле кылышы керек. Практикада бул принцип көп бузулат, себеби көпчүлүк учурда укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери стереотиптик көз караштарды жетекчиликке алышат жана аялдардын зомбулукка кабышкандыктарына алдардын өздөрү айыптуу деп эсептешет.

### *Коопсуздук*

Бул принцип жабырлануучуга, анын балдарына, анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, прокуратуранын, соттун кызматкерлерине жана процесстин башка катышуучуларына карата колдонулат. Жабырлануучулардын соттук териштирүүгө катышууну каалабаган себептеринин бири — бул кылмышкердин өч алуусунан, ошондой эле зордук-зомбулук тууралуу башка адамдар билип калат деп коркуусу эсептелет. Коопсуздукту камсыз кылуу жабыр тарткан адамды болжолдуу айыпкерден дароо бөлүүнү жана анын коопсуздугуна баа берүүнү камтыйт. Коопсуздукту баалоо аял зомбулук тууралуу билдирген учурда жүргүзүлүшү керек. Кылмыш иштерин кароодо коопсуздук да эске алынышы керек. Прокурорлор кылмышкердин кылмыш куугунтугуна карата мүмкүн болуучу реакциясын талкуулап, тобокелдикти азайтуу үчүн жабырлануучуга альтернативаларды аныктоого жардам бериши керек (мисалы, кылмышкерден алыс болуу үчүн коопсуз жерлерди пландаштыруу). Прокурорлор ички иштер органдарынын кызматкерлери менен биргеликте кооптуу жагдайдагы жабырлануучулардын коопсуздугун камсыздоо боюнча атайын чараларды көрүшү керек. Мындан тышкары, прокурор өзү жабырлануучунун коопсуздугун жакшыртуу боюнча чараларды көрө алат. Алсак, жабырлануучунун коопсуздугун жогорулатуу максатында сот тарабынан жабырлануучунун

дареги, телефон номери, иштеген жери тууралуу маалыматтарды жашыруун калтыруу талабын койсо болот. Практикада аялдарга карата коркутуулар көбүнчө зомбулук жасаган адамдардан жана алардын жакындарынан келип чыгат. Андыктан, соттук териштирүү стадиясында прокурор мүмкүн болуучу коркунучтарды таап, коопсуздукту камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө тийиш.

*№1 кыстырма.* **«Бурулайдын иши»**.

Гендердик зомбулуктун (никеге туруу максатында уурдоо) курмандыгы болгон Турдаалы кызы Бурулай 2018-жылдын 27-майында Чүй областтынын Жайыл райондук ИИБнүн имаратында милиция кызматкерлери тарабынан коопсуздук принцибинин одоно бузуулушунун натыйжасында өлтүрүлгөн. Жабырлануучу кыз уурдаган адам менен жалгыз калып, ал ага бычак менен жарат келтирип, ушундан улам каза болгон.

**Булак:** *https://kloop.kg/blog/2018/06/14/burulay_ala_kachuu_minidoc/*

Стандарттарга ылайык, гендердик зомбулуктун жабыркаган адамды ага зомбулук жасаган адам менен жалгыз калтырууга тыюу салынат, анткени ал анын басмырлоосуна жана коркутуусуна дуушар болушу мүмкүн. Зомбулук жасаган адам ага физикалык залал дагы келтириши мүмкүн. Жада калса зомбулук жасаган адам менен сүйлөшүү психологиялык азаптарга кириптер кылуу менен коштолот, эл аралык деңгээлде аны кыйноого теңесе болот, эгерде мындай психологиялык зомбулук мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн жол берүүсү менен болгон учурларда.

### *Конфиденциалдуулук*

Конфиденциалдуулукту сактоо — гендердик зомбулуктан жабыркаган адамдын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн маанилүү чара. Конфиденциалдуулук сот адилеттигинин бардык баскычтарында сакталууга тийиш. Конфиденциалдуулукту сактоо аялдын ички иштер органдарына кайрылуусунун натыйжасында андан ары коркутууларга жана/же зомбулукка дуушар болбоого кепилдик берет. Конфиденциалдуу маалымат алмашуу зарылдык принцибинин негизинде кээ бир маалымат башка кызматтар менен бөлүшүлүшү мүмкүн дегенди билдирет. Ошол эле учурда аялга ал кандай маалымат, кимге берилээрин түшүндүрүлүшү керек.

*№2 кыстырма.*

15 жылдык тажрыйбасы бар адвокат: — Бизде эч кандай шарт жок. Тергөөчү сурак жүргүзөт, анын кабинетине ар ким кирет. Кээде мындай болот: зордуктоо боюнча тергөөчү сурак жүргүзөт, ошол эле кабинетте башка тергөөчү анын карама-каршысында отуруп алып, уурулук боюнча иштеп, баары чогуу угат. Мына ушинтип конфиденциалдуулук бузулат.

**Булак:** *Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча соттук практиканы изилдөө жөнүндө отчет. Кыргыз сот аялдарынын ассоциациясы. — Б., — 2017. 126 б.*

### *Маалыматтуулук*

Прокурорлор жабырлануучу балким кандайдыр профессионалдык кеңештерди же мыйзам же аларга жеткиликтүү юридикалык кызматтардын түрлөрү жөнүндө маалыматты албагандыгын эстен чыгарбоолору керек жана мындай маалыматты берүүгө даяр болуулары керек.

Зоордуктоодон жабыр тарткан адам арыз бергенден кийин алгачкы 72 сааттын ичинде жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, ВИЧ-инфекциясынын жана күтүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу жөнүндө маалыматтан кабардар болуусу керек.

Байланыштан кийинки профилактика саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлөт жана акысыз жүргүзүлөт. Жабырлануучуга психологиялык жана юридикалык жардам алуу үчүн кризистик борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгү тууралуу да маалымат берилиши керек.

### *Аң сезимдүү тандоо*

Кандайдыр бир иш-аракеттер болбосун ал жабырлануучуга маалымдалып жана анын макулдугун алгандан кийин гана жасалышы керек.

### *Зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын муктаждыктарынын артыкчылыктуулугу*

Жабырлануучунун каалоолорун, укуктарын жана кадыр-баркын эске алуу мыкты тергөөнү камсыздай турган шарттарды түзүүчү, урматтоого негизделген эң жакшы ыкма.

***Зомбулук жасаган адамды жоопкерчиликке тартуу***

Кызмат көрсөтүүлөр сот адилеттигине жөнөтүү процесстерине аялдардын жана кыздардын катышуусун колдоого алуусу жана жеңилдетүүсү зарыл. Адилеттикти калыбына келтирүү үчүн жоопкерчилик жабыр тарткан адамдардын эмес, мамлекеттин мойнунда болуусу керек. Зомбулук жасаган адамдарга карата сөзсүз жазага тартуу принциби иштөөсү зарыл.

### 1.4.3. Сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызматтар

1-сүрөттө жабырлануучулардын укук коргоо органдары жана сот адилеттиги системасы менен өз ара аракеттенүү аспектилерин камтыган сот адилеттигинин процесси, анда көрсөтүлүүчү базалык кызматтар чыгылдырылган.

**1-сүрөт.** Сот адилеттиги процесси




Сот адилеттигинин этаптарына ылайык эл аралык стандарттар 11 базалык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылууну караштырат, алар 1-таблицада келтирилген.

**1-таблица.** Сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү базалык кызмат көрсөтүүлөр

| Базалык кызматтар | Кызматтын мааниси |
|---|---|
| 1-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Алдын алуу<br> | Сот адилеттиги кызмат көрсөтүүлөрүн жеткирүүчүлөрү зомбулук, анын себептери жана анын аялдарга, кыздарга, алардын үй-бүлөлөрүнө жана жамааттарга тийгизген зыяндары, ошондой эле айыпкерлерге карала турган жазалоо чаралары тууралуу коомчулуктун маалыматтуулугунун деңгээлин жогорулатуу иштерин жүргүзүүлөрү маанилүү. Аялдарга жана кыздарга жардам көрсөтүү кызматтары жана алар менен байланышуу түйүндөрү тууралуу маалымат берүү дагы андан аз эмес деңгээлде маанилүү. Кызматтарды көрсөтүүдө гендердик сезимталдык маданиятын өстүрүү жана илгерилетүү зомбулуктун алдын алуу үчүн чечүүчү мааниге ээ. |
| 2-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Байланышуу<br> | Укук коргоо органдары көпчүлүк учурда аялдарга жана балдарга карата зомбулукка биринчи болуп таасир этишет. Ошондуктан, алардын жабыр тарткан адам же баланын мыйзамдуу өкүлү менен биринчи байланышуусу алар алдыда соттук коргоого кайрылышабы же жокпу чечим кабыл алуусундагы чечүүчү фактор болуп эсептелет.<br><br>Биринчи байланышуу жабыр тарткан адамдарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө тергөө органдарынан турган сот адилеттиги системасы алардын коопсуздуктарына кызыкдар экендигин, арыздарды кабыл алышарын, тиешелүү коргоого алууну каалай тургандыктарын, ошондой эле айыпкерди жазалоо үчүн далилдерди издей тургандыгын демонстрациялоосу керек.<br><br>Эл аралык стандарттарды сактоо менен тергөөчү кызматкерлер аялдардын жана кыздардын экинчи жолу виктимизацияланууусунун алдын ала алышат, ошондой эле өз милдеттерин натыйжалуу жана сапаттуу жүргүзө алышат. |

| Базалык кызматтар | Кызматтын мааниси |
|---|---|
| 3-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Иликтөө<br> | Аялдарга жана кыздарга карата кылмыштарды иликтөө өз убагында башталуусу өтө маанилүү, жогорку кесиптик деңгээлде жүргүзүлүүсү, Кыргыз Республикасынын учурда иштеп жаткан мыйзамдарынын далилдөө жана тергөө боюнча талаптарына жооп берүүсү керек. Процесстин бардык учурунда аялдардын жана кыздардын, алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн коопсуздуктары, аларды коргоо жана кадыр-баркына шек келтирбөө бардык тарабынан сакталуусу зарыл. |
| 4-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Алдын ала угуу процесси<br> (сотко чейинки өндүрүш) | Алдын ала угуулар мамлекеттин иликтөө-тергөө үчүн негизги жоопкерчиликти алуу милдетин чагылдырат жана ошону менен катар жабыр тарткан адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө арналат. Бул чөйрө сотко чейинки өндүрүштү өз убагында жүргүзүү, жеткиликтүүлүк жана анын процедураларынын жөнөкөйлүгү канчалык маанилүү экендигин баса белгилейт. |
| 5-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Соттук угуулар процесстери<br> | Кылмыш сот өндүрүшүндө акыйкаттыкты калыбына келтирүү мамлекетке жүктөлгөн. Соттук териштирүү жабыр тарткан адамдарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө карата ак ниеттик маанайда, алар өздөрүн коопсуздукта сезишип башынан өткөндөрүн айтып бере ала турган жагдайда жүргүзүлүүсү зарыл. Процедуралар кайрадан виктимизацияланууга алып келбөөсү керек жана соттук далилдер басмырлоону четке каккан шартта сунуш кылынуусу зарыл. Жабыр тарткан адамдардын сот процесстерине катышууларынын жыйынтыгында психологиялык жаракаттарга кабылуусуна жол берилбейт. |
| 6-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Укук бузуучуну жоопкерчиликке тартуу жана келтирилген зыянды калыбына келтирүү боюнча чаралар<br> | Жабыр тарткан адамдардын көз карашы боюнча айыпты моюнга алуу жана компенсация чектөө — кылмыш жазасына тартуу, келтирилген зыяндарды жарандык тартипте өндүрүүдөн баштап, мамлекеттин базалык соттук кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүгө жөндөмсүздүгүнө байланыштуу келтирилген зыяндарды кайрадан калыбына келтирүүгө чейинки көптөгөн мааниге ээ нерселер болушу мүмкүн. Базалык кызмат көрсөтүүлөр болсо, |

| Базалык кызматтар | Кызматтын мааниси |
|---|---|
| 6-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Укук бузуучуну жоопкерчиликке тартуу жана келтирилген зыянды калыбына келтирүү боюнча чаралар | жабыр тарткан адамдарга каршы жасалган кылмыштардан тарткан зыяндарды же алар кабылган чыгымдарды калыбына келтирүү үчүн аларды адилеттүү жана натыйжалуу укуктук коргоо каражаттары менен камсыз кылууга арналган. |
| 7-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Сот процесстери аяктагандан кийин колдонулуучу чаралар | Сот процессинен кийинки базалык кызмат көрсөтүүлөр аялдарга жана кыздарга карата зомбулукка жол берилбестиги тууралуу түшүндүрүү иштерин камтыйт, ошондой эле кылмышкерлерди кайрадан тарбиялоо жана реинтеграциялоо боюнча чараларды караштырат. |
| 8-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>КОЛДОО ЖАНА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ | Аялдар жана кыздар зомбулуксуз жана зомбулук болуп калуусу мүмкүн деп коркпостон жашоого укуктуу. Коргоо чаралары кылмыш иши кылмыштык, жарандык же үй-бүлөлүк сот өндүрүшүнүн алкагында козголгондугунан көз карандысыз түрдө жеткиликтүү болуусу керек. Алар аялдар жана балдар үчүн сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сот адилеттүүлүгүнүн бардык этаптарында өздөрүн коопсуздукта сезүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуулары керек. |
| 9-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Колдоо жана жардам көрсөтүү | Стандарттар жабыр тарткан адамдарга сот адилеттиги секторунан сырткары дагы көрсөтүлө турган укуктук, медициналык жана социалдык жардамдын бар экендиги туурлуу толук маалымат берүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилешет (мисалы, саламаттыкты сактоо, балдар борборлору, социалдык кызмат көрсөтүүлөр, консультациялар). |

| Базалык кызматтар | Кызматтын мааниси |
|---|---|
| 10-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Коммуникация<br> | Коммуникация — бардык сот адилеттүүлүгүнүн негизги темасы болуп саналат. Жабырлануучулар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү аларды башкалар угаа тургандарын, укуктук муктаждыктары түшүнүктүү экендигин жана аларды канааттандырууга аракеттер жасалаарын билүүлөрү керек. Маалыматты башкаруу жана ар кандай сот адилеттиги жана соттук эмес мекемелер менен өз ара аракеттенүү, атап айтканда, конфиденциялдуулуктун жана жеке жашоонунун кол тийгистигинин артыкчылыктары, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда жабырлануучулар дуушар болушу мүмкүн болгон тобокелдиктерди азайтышы мүмкүн. |
| 11-БАЗАЛЫК КЫЗМАТ<br>Сот адилеттиги органдарынын ишмердүүлүктөрүн координациялоо<br> | Сот адилеттигине жөнөтүү процессине баарынан мурун ички иштер, прокуратура жана сот органдары катышышат. Бул жабыр тарткан адамдардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн коопсуздуктарын камсыз кылуу жана коргоо үчүн алардын аракеттерин координациялоону талап кылат. Укук коргоо жана сот органдарын координациялоо сот адилеттиги кызмат көрсөтүүлөрүнүн бардык жеткирүүчүлөрүнүн жогорку кесиптик деңгээлдеги жооп берүүлөрү менен камсыз кылат. |

Зомбулукка кабылган кыздар үчүн Базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомунун стандарттары менен кийинки шилтеме боюнча кененирээк таанышып чыксаңар болот: Essential Services Package for Women and Girls Subject to Violence (https://www.unfpa.org/essential-services-package-women-and-girls-subject-violence).

### *1.4.4. Зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын психологиялык абалынын өзгөчөлүктөрү*

Прокурор зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын айрым учурларда, бир көз караш менен караганда башкалардан айырмаланган орунсуз жүрүм-турумдарына даяр болушу керек: жинденүү жана көз жашын төгүү, унчукпоо, кызматташууну каалабоо менен алмашуусу мүмкүн. Туура стратегияны тандоо үчүн аялдын зомбулук учурундагы жана зомбулуктан кийинки жүрүм-турумунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн тактап алуу зарыл.

Аялдардын зомбулукка карата таасир этүүсү «катып калуу инстинкти» «тирүү калууга концентрациялануу» же «күрөшүү инстинкти» болуусу мүмкүн.

Кол салган учурда аял же бала сөзсүз түрдө активдүү каршылык көрсөтүүлөрү — тиштеп, тытып алуулары керек, кыйкыруулары же качып кетүүгө аракет кылуулары зарыл деген жаңылыш көз караш кеңири жайылган. Мындай пикирди подъездин отургучундагы чоң ата, чоң энелер айтышса, бул ушак-айың болуусу мүмкүн. Бирок, тергөөчү же прокурор мындай так эмес көз караштı жетекчиликке алган учурда, ал иshti жаап коёт, себеби ал жабыр тарткан аялдын дене боюнда физикалык жаракаттар жок болсо, анда зордуктоо болгон жок деп эсептейт.

Кыргызстанда соттор жана тергөөчүлөр көк ала тактар, дене бойлук жаракаттар жана тытылган кийимдер болбосо буга аялдардын жыныстык актыга макулдугу катары тыянак чыгарышат жана мындай окуяларды зордуктоо кылмышы катары карашпайт.

**Булак:** *Кыргыз Республикасында аялдарга жана балдарга карата кылмыштар боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүү тууралуу отчет. Б: 2017*

Чындыгында аялдар жана кыздар кол салуу учурунда катып калуу абалына кабылышат, кыйкыра алышпайт жана каршылык көрсөткөнгө аракет кылышпайт. Дене бой кыймылсыз жана эч нерсени сезбей калган мындай абал ***«тоңуп калуу инстинкти»***, же болбосо ***«тоникалык мобилдүүлүктү жоготуу»***. деп аталат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, зордуктоодон жабыр тарткандардын 88% чейинкиси ушундай убактылуу кыймылдабай катып калууну баштарынан өткөрүшөт — кыймылдай алышпайт, кыйкыра алышпайт[12]. Кол салууга кабылган аялдардын жана балдардын анча чоң эмес бөлүгүндө «күрөшүү инстинкти» иштеп кетет, мындай учурда адреналин бөлүп чыгаруу жүрөт жана организмдин ресурстары каршылык көрсөтүүгө же качууга багытталат.

Реакция кылуунун башка тиби «тирүү калууга концентрациялануу» катары белгилүү, мындай учурда аял дене боюн бүтүн бойдон калуу-

12 Heidt, J.M., Marx, B.P., & Forsyth, J.P. (2005) Tonic immobility and childhood sexual abuse: Evaluating the sequela of rape-induced paralysis. Behaviour Researchand Therapy, 43, 1157–1171) https://vk.com/topic-135447347_36573815

суна, өлүмдөн сактанууга жана тирүү калууга бардык күчүн жумшашат. Мындай учурларда аялдар жана балдар зомбулук жасаган адамдын бардык буйруктарын эч каршылык көрсөтүүсүз аткарышат жана ага зомбулук жасоого жардам берүүсү мүмкүн.

Кыздардын көпчүлүгү жаш курактарынан улам көпчүлүк учурда «катып кыймылдабай калышат» же болбосо «тирүү калууга концентрация» жасашат. Кичинекей кыздар көпчүлүк учурда өздөрүнө карата сексуалдык зомбулук болгонун түшүнүшпөйт жана ал тургай зордуктоо сүйүүнүн белгиси деп божомолдоп зомбулук жасаган адамга карата жылуу сезимдери пайда болуусу дагы мүмкүн.

**2-таблица.** Аялдардын жана балдардын зомбулук учурундагы реакцияларынын типтери[13]

| | |
|---|---|
| КАТЫП КАЛУУ ИНСТИНКТИ | Аял кыз катып калуу абалында калат, кыйкыра жана/же кыймылдай албайт жана каршылык көрсөтүүгө аракет кылбайт. |
| КҮРӨШҮҮ ИНСТИНКТИ | Аял/кыз дене бойлук каршылык көрсөтөт, тиштеп алат, тытып алат, кыйкырат, жардамга чакырат, качып кетүүгө аракет кылат. |
| ТИРҮҮ КАЛУУГА КОНЦЕНТРАЦИЯЛАНУУ | Аял/кыз дене боюн бүтүн бойдон калуусуна, өлүмдөн сактанууга жана тирүү калууга бардык күчүн жумшашат, ал зомбулук жасаган адамдын бардык буйруктарын эч каршылык көрсөтүүсүз аткарат жана ага жардам берет. |

Зомбулуктан кийин аялдын реакциялары дагы айырмаланып туруусу мүмкүн. Зордуктоодон кийин аялдар ыйлашат же ызы-чуу салууга алдырышат деген пикир бар. Бирок бул бардык учурда эле мындай эмес. Жабыр тарткан адамдар сезимдердин бир бүтүн курамын — ачуулануу, өч алуу, кайдыгерлик сыяктуу сезимдерге кабылуулары мүмкүн, алар өзүн айыптуу сезүү, уялуу сезиминин алдында калышы мүмкүн, көбү алар өздөрүн «кир» сезишкендиктерин айтышкан. Зомбулуктан кийин аялдардын айрымдары болуп өткөн окуя тууралуу дароо кимдир-бирөөгө айтуу муктаждыктарын сезүүлөрү мүмкүн, башкалары болсо анча ачылбай, өтө кыйналып айтып беришсе, үчүнчүлөрү эч

13 Өзгөчө кырдаалдар жана кризистер учурунда сексуалдык/гендердик зомбулуктардан жабыр тарткан адамдарга психологиялык жардам көрсөтүү: окуу куралы. Б., 2016.35-бет.

кимге эч нерсе айтышпайт жана зомбулук фактысын жашыруун сакташат. Айрымдар өзүнө жакындоону, тийүүнү көтөрө албайт, ал эми башкаларына тескеринче абдан жогорку деңгээлдеги көңүл буруу жана дене боюн жакындатып (ийинине акырын колду тийгизүү же колун кысуу) байланышуу талап кылынат. Жабыр тарткан адамдар баштарынан кечирген эң маанилүү сезим — бул коркуу: өзү үчүн, өзүнүн жакындары үчүн коркуу, жалгыздыкта калып калуудан коркуу, кайсы бир белгилери аркылуу зомбулук жасаган адамды эске салган адамдар менен сүйлөшүүдөн коркуу.

Жабыр тарткан аялдардын зомбулукка чейинки жана кийинки реакция кылууларынын типтери 3-таблицада келтирилген. Зомбулуктан кийин аял экспрессивдүү же токтоо, өзүн карманган абалда дагы болушу мүмкүн, жабыр тарткан аял ошондой эле дезориентацияга кабылган абалда болушу мүмкүн, ал зомбулукка байланыштуу убакытты, окуялардын ырааттуулугун алмаштырып алуусу, чаташтыруусу мүмкүн. Айрым аялдар зомбулуктан кийин сыртынан өзүн токтоо, карманган абалда болушат, алардын жооптору жана чечимдери логикалуу жана ырааттуу болушу мүмкүн. Аял эч нерсеге катышкысы келбеген абалда болуп калуусу дагы мүмкүн, зомбулук менен макул болуп, өзүн коргоо же кырдаалды өзгөртүү үчүн эч кандай чара көрбөөсү мүмкүн. Мындай реакция аял кийинки жашоосунда өзү зомбулук жасоосуна трансформациялануусу мүмкүн, мисалы, «менде деле ушундай болгон соң, башка аял деле муну көтөрөт», «мени деле ала качып кетишкен» деген ойду кармануу менен аялдарды никеге туруу үчүн уурдоого же мажбурлоого катышуусу мүмкүн. Бала куракттын өзгөчөлүгү болсо, дезориентация, экспрессивдүүлүк, макул болуп калуу жана кайдыгерлик сыяктуу реакциялар болуусу мүмкүн.

**3-таблица.** Зомбулуктан кийинки аялдардын реакцияларынын типтери[14]

| | |
|---|---|
| ЭКСПРЕССИВДИК РЕАКЦИЯ | Жабыр тарткан аял нерви козголуу, ачуулануу, коркуу, тынчсыздануу сыяктуу эмоцияларды ачык көрсөтөт. Ал ыйлашы, урушуусу, кыйкыруусу, каткырып күлүүсү, ал тургай кыткылыктап күлүүсү мүмкүн — жаракатка кабылгандан кийинки абалда мунун баары абсолюттуу түрдө нормалдуу болуп саналат. |

14 Өзгөчө кырдаалдар жана кризис учурунда сексуалдык/гендердик зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга психологиялык жардам көрсөтүү: окуу куралы. Б., 2016. 35-бет.

| | |
|---|---|
| КӨЗӨМӨЛДӨНҮҮЧҮ РЕАКЦИЯ | Жабыр тарткан аял сыртынан өзүн токтоо, тынч жана карманган жыйнактуу абалда кармап жашырып көрсөтөт же өзү эмнени сезип жаткандыгын жашырат, өзүн эч нерсе болбогондой же баары жакшы эледей алып жүрөт. Ал тынч, алыстап олтура берет жана ичиндеги коркуу, өзүн өтө жаман сезген абалды, ачуусун жана тынчсыздануусун жашырып, четте олтурат жана суроолорго логикалуу жооп берет. |
| ДЕЗОРИЕНТАЦИЯ | Жабыр тарткан аял өтө күчтүү дезориентацияга кабылат, аң сезимде чаташуу жүрөт. Жабыр тарткан адам эч бир нерсеге оюн топтой албайт, кунт коюп көңүл бура албайт, ал тургай анча маанилүү эмес чечимдерди кабыл ала албаган абалда болот. Мындай учурларда жабыр тарткан адам болуп өткөн окуянын урунттуу учурларын жана ырааттуулугун начар эстеп калган болот, чаташтыра берет жана каталарды кетирип айтып берет. Бул өзгөрмөлүү аң сезимдин типтүү абалынын пайда болуусу болуп эсептелет. |
| БАГЫНУУ | Бул жабыр тарткан аялга жардам сурап кайрылууга жана өз жашоосунда бир нерсени өзгөртүүгө жол бербеген пассивдүү абал. Жабыр тарткан аял өзүн эч ким катары сезбейт, өзүн эч кандай коргоосуз, сезимдери басынып калгандай сезимдерге туш болот. |
| МЫНДА ЖАЛГЫЗ БОЛБОО | Аял өзү зомбулукту башынан өткөргөндөн кийин, башка аялдарга — зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам бербеши мүмкүн. Ал эгер «эгер мындайды мен башыман өткөрсөм, анда башка аялдар дагы мындайды толугу менен баштарынан өткөрүшсүн» деп ойлойт. Муну айрым аялдар никеге туруу үчүн уурдоону өз баштарынан өткөргөндөн кийин, биртике убакыт өткөн соң никеге туруу үчүн уурдоого жана никеге турууга мажбурлоого өздөрү катышуу фактылары менен көрсөтсөк болот. |

Практикада реакция кылуунун бир нече типтери же алардын айкалышуусу орун алуусу мүмкүн. Зомбулукка, өзгөчө сексуалдык зомбулукка дене бойлук жана эмоционалдык реакциялар көпчүлүк учурда ушунчалык интенсивдүү болот, жабыр тарткан аял бир эле учурда шок абалында жана четке кагуу абалында болот.

Эгерде зомбулук актысы жабыр тарткан аял үчүн коркутуучу же ырайымсыз түрдө болсо, анда анын бул окуяны эсине сактап калуусу толугу менен кулпуланып калуусу мүмкүн. Жабыр тарткан аялдардын жана кыздардын көпчүлүк бөлүгү баштарынан кечирген четке кагуу, адатта эң ар түрдүү жана көпчүлүк учурда карама-каршылыктуу эмоциялардын тобуна алмашат, бул болсо маанайынын бат-баттан өзгөрүп туруусуна алып келет. Мисалы, аял ачууланып, коркуп турушу мүмкүн, ошону менен катар тирүү калганына өзүн жеңил сезсе, басынуу, кайгыруу, ою бир жерде болбоо, өч алууну каалоо сыяктуу сезимдерди башынан кечирүүсү мүмкүн. Бул эмоциялардын баары толугу менен нормалдуу жана квалификациялуу психологиялык жардам алгандан кийин жабыр тарткан адамдар акырындан калыбына келе алышат. Дал мына ушул үчүн тергөөчү аялдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуусу зарыл, алардын реакцияларын бири-биринен айырмалай билип, жабыр тарткан адамдарды психологиялык жана башка жардамдардын түрлөрүн алуу үчүн жиберүүлөрү керек.

### *1.4.5. Зомбулукка кабылган аялдарга жана балдарга мамиле кылуунун стандарты*

Сот адилеттигинин бардык процессинде жабырлануучуларга сылык, урматтоо, боорукердик жана алдардын зомбулукка дуушар болгондугуна сезимталдык менен мамиле кылуу керек. Көп учурларда гендердик кылмыштардан жабыркаган адамдар зомбулук окуяларын бир нече жолу айтып берүүгө дуушар болот, бул процесс аларды кыжаалат кылып, кайрадан жараатын козгоошу мүмкүн, акырында сот алдында аларды айтуудан баш тартышат, алар убакыттын өтүшү менен кылмыштын майда-чүйдөсүн унутуп коюшу дагы мүмкүн. Прокурорлор сабырдуу болуп, жабырлануучуга окуяны өз сөзү менен айтуусуна убакыт бериши керек. Керек болсо, зомбулук үчүн ал айыпталбаганын эскертип, соттук териштирүүдө анын сурагы жана күбө катары катышуусу маанилүү элемент экенин түшүндүрүүлөрү керек.

Кайрадан виктимизацияланууну азайтуу максатында зомбулуктан жабыркаган адамдардын көрсөтмөлөрүн депонирлөө, ошондой эле Гезелл күзгүсү бар атайын бөлмөлөрдү колдонуу менен таануу процедурасын жүргүзүү сунушталат.

Прокурорлор жабырлануучу менен кырдаалдын олуттуулугун жана зомбулукту токтотуу үчүн мыйзамдардын бар экенин ага түшүнүүгө

жардам берүү үчүн гендердик зомбулуктун динамикасы, айрыкча зомбулуктун күчөп бараткандыгы жөнүндө сүйлөшүү пайдалуу деп эсептеши мүмкүн.

Прокурордун жабырлануучу менен сот процессине чейин жолугушуусу пайдалуу, анткени бул ишенимди орнотуу, ага процесстин этаптарын түшүндүрүү жана анын пикирин эске алуу үчүн абдан маанилүү мүмкүнчүлүк. Жабырлануучу менен баарлашуу анын уят сезимин жеңүүгө жана соттук териштирүүгө туруштук берүүгө багытталган болушу керек. Ошол эле учурда прокурор мамлекеттин атынан өзүнүн ролун так айтып, жабырлануучуга соттук териштирүүнүн мүмкүн болуучу натыйжасы жөнүндө реалдуу күтүүлөрдү берүүгө тийиш.

Гендердик зомбулуктан жабыркаган адам менен өз ара аракеттенүүдө прокурорлор төмөнкү көрсөтмөлөрдү карманышы керек:

- Жабырлануучуну кунт коюп угуу. Анын өз сөзү менен түшүндүрүп берүүсүн сурап, ачык суроолорду колдонуу.
- Айыптабоочу же күнөөлөбөчү так суроолорду берүү;
- Техникалык юридикалык тилди колдонбоо, жөнөкөй жана жеткиликтүү тилде сүйлөө;
- Жабырлануучулар эмоцияларын ар кандай жолдор менен билдирерин эске алуу. Кээ бирөөлөр кастык, ачуулуу, кызматташпаган же ишенбестей сезилиши мүмкүн, ал эми башкалары зомбулук тууралуу билдирүүгө даяр жана активдүү болушат;
- Эгерде аял фактыларды эстеп же так жооп бере албай жатса, таңкалуу же кыжырданууну билдирбөө;
- Жараат, тынчсыздануу же стресс белгилерине көңүл буруу жана зарыл болсо, аларды азайтуу үчүн чараларды көрүү;
- Жабырлануучу процесстин башка катышуучулары тарабынан стигматизацияланоосу же виктимизацияланбоосуна көз салуу;
- Жабырлануучуларга карата терс гендердик стереотиптер жөнүндө стереотиптерден кабардар болуу жана аларды практикада колдонбоо.

**Эгерде жабырлануучулар бала болсо**, анда аларды суракка алуу жаш курагын, жекече муктаждыктарын эске алуу менен жана мыйзамдын талаптарын сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш. Баланы суракка алуу мыйзамдуу өкүлдүн, балдар психологунун/педагогунун, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкеринин катышуусу менен жүргүзүлөт. Эгерде балага карата зомбулук ата-энесинин тарабынан жасалгандыгы боюнча шек болсо, анда суракка алуу алардын катышуусуз жүргүзүлөт. Прокурор балага зыян келтирген адам баланын мыйзамдуу өкүлү болуп дайындалбасына жана мыйзамдуу өкүлдөр баланын таламында иш алып барышына ынануусу керек. Прокурор зомбулукка кабылган балага психологиялык жардам алгандыгын тактап, зарыл болгон учурда баланы балдар психологунун жардамын көрсөткөн уюмдарга жөнөтүшү керек.

Балдарга каршы кылмыштар менен байланышкан иштер конфиденциалдуулуктун күчөтүлгөн чараларын, балдардын инсандыгына тиешелүү маалыматтардын ачыкка чыгышын чектөөнү, балдар көрсөтмө берип жаткан учурда сот залынан коомчулукту жана массалык маалымат каражаттарын чыгарууну талап кылат.

Зомбулукка кабылган аялдардын жана балдардын кайрадан винтификацияланышын азайтуу үчүн аларды суракка алуу учурунда айыпталуучуларды сот залынан алып чыгуу сунушталат.

Келтирилген зыянды баалоодо прокурорлор жабырлануучулардын чыгымдары, анын ичинде социалдык жана билим берүү калыбына келтирүүгө/реинтеграцияга, юридикалык, медициналык, психологиялык жана социалдык кызматтарга кеткен чыгымдардын толук эсепке алынышын камсыз кылууга тийиш.

***Гендердик кылмыштын жабырлануучусу сот отурумуна чейин эмнени билүүсү керек:***

- Жабырлануучуга анын соттук териштирүүдөгү укуктарын жана ролун, анын ичинде кылмыш-жаза процессинин этаптарын, мөөнөттөрүн, ал эмне кылышы керек экендигин жана кандайдыр бир атайын процедуралар колдонулабы же жокпу (мисалы, видеокөрсөтмөлөр, күбөлөрдүн-эксперттердин көрсөтмөлөрү) түшүндүрүңүз.

- Кылмыш-жаза процессинин жүрүшүндө прокурордун ролун, анын ичинде прокурор жабырлануучуга иштин абалы, өкүм чыгаруу, болушу мүмкүн болгон даттануулар жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу боюнча соттук отурумдар жөнүндө маалымдаңыз. Прокурор менен жабырлануучунун жалпы максаты — зомбулукту токтотуу экенин эстен чыгарбаңыз жана бул ойду сөзсүз түрдө баса белгилеңиз.
- Сотто жабырлануучуга берилип калуусу мүмкүн болгон суроолорду талкуулап, жактоо аргументтерине жооп берүүгө жана айыптоого жардам бере турган маалыматтарды тактаңыз.

***Гендердик кылмыштардын жабырлануучусунун укуктары жөнүндө маалыматтар төмөнкүлөрдү камтыйт:***

- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жана кризистик борборлор аркылуу адвокаттык жардам алуу укугу.
- Өз эне тилинде же ал билген тилде көрсөтмө берүүгө, тилмечтин кызматынан пайдалануу жана өкүлгө ээ болуу укугу.
- Зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугу (кылмыш иштери боюнча).
- Далилдерди келтирүү укугу.
- Сот отурумунун бардык материалдары менен таанышууга, алардын көчүрмөлөрүн алууга, сын-пикирлерди билдирүү укугу.
- Соттук жарыш сөздө сөз сүйлөө, айыптоочу тарапты колдоо, акыркы жыйынтыктоочу сөз айтуу укугу.
- Эгерде соттолуучу түздөн-түз тууганы, жубайы же өнөктөшү болсо, күбө катары көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугу.
- Эгерде күбө өзүн же анын жакын тууганын, жубайын же өнөктөшүн айыптаса, унчукпоо укугу.
- Өтүнмөлөрдү жана даттанууларды келтирүү укугу.
- Мыйзамда каралган учурларда шектүү же айыпталуучу менен жарашуу укугу.

***Прокурор кылмышкерлер жана алардын жүрүм-туруму жөнүндө эмнени билиши керек:***

- Кылмышкерлер көбүнчө «кош мүнөзгө» ээ. Алар эл алдында жайдары жана токтоо көрүнөт, бирок жабырлануучулар менен жалгыз болгондо агрессияны көрсөтүшөт.
- Айыпталуулар адатта зомбулукту азайтып айтуу же четке кагууга, жабырлануучуну күнөөлөөгө жана андан ары аны манипуляциялоого же коркутууга аракет кылат.
- Айыпталуучулар сот залында мазактоочу же контролдоочу аракеттерди жасашы мүмкүн (мисалы, жабырлануучуну тиктеп («көзү менен теше кароо»), аялдын эмоцияларына таасир этиши, акарат келтириши, соттук териштирүүнү кечеңдетүүсү ж.б.).
- Аталган эл аралык стандарттарды жана эрежелерди практикада колдонуу бүткүл процессте жабырлануучу аялдын коопсуздугун, коргоосун жана кадыр-баркын жогорку профессионалдык деңгээлде камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

### 1.4.6. Басмырлоонун жана зомбулуктун көп түрүнө кабылган аялдарга жана балдарга мамиле кылуунун өзгөчөлүктөрү

Көп түрдүү басмырлоо — бул бир адамды бир нече белгилер боюнча дароо басмырлоо. Биздин ар бирибизде жыныстык айырмачылык, сексуалдык багыт, жаш курак, улут ж.б. бар. Адамдын өздүгүнүн кайсы гана өзгөчөлүгү болбосун же алардын комбинациясы басмырлоо үчүн себеп болушу мүмкүн. Адам ар түрдүү белгилери боюнча өзүнчө бир басмырлоочу аракеттердин обьектиси болуусу мүмкүн, алардын ар бири ага карата жагымсыз мамилелерди татаалдаштырат. «Кайчылаш басмырлоо» жана «Зомбулуктун кайчылаш формалары» термини эки же андан көбүрөөк белгилер басмырлоо жана зомбулук үчүн негиз катары кызмат кылган кырдаалды сүрөттөө үчүн кеңири колдонулат. Кайчылаш ыкма адистердин басмырлоонун жана зомбулуктун таанымал болуп калган жаңы аспектилерин аныктоолоруна гана жол ачпастан, ошондой эле башка жагдайларда байкалбаган бойдон кала турган типтерин ачат.

Айрым адамдар жана адамдардын топтору аярлуу болуп эсептелишет жана аларга карата зомбулук жасалуусу тобокелчилиги жогору

болгон учурлар бар. Ар бир адам жашоосунун кайсы бир учурунда аярлуу болуп калуусу мүмкүн. Мындай абалга көпчүлүк учурда төмөндөгү адамдар кабылышат:

— ата-энелердин көзөмөлүсүз калган балдар/балдар үйлөрүндөгү балдар;

— кош бойлуу аялдар;

— кызмат көрсөтүүлөр үзгүлтүксүз түрдө жеткиликтүү болуп турушун талап кылган өнөкөт оорулар менен жабыр тарткан адамдар, анын ичинде айыкпаган/психикалык оорулардан жабыр тарткан адамдар;

— майыптыгы бар адамдар;

— соттолгондор/ эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошонгондор;

— качкындар, мигранттар, карылар үйлөрүндөгүлөр.

Аярлуу топторго кирген аялдар жана кыздардын зомбулуктан жабыр тартып калуу коркунучтуулугу көбүрөөк жогору. Муну менен катар эле аярлуу топтордогу аялдар бир эле убакта зомбулуктун бир нече түрлөрүнө кабылып калуулары мүмкүн (зомбулуктун кайчылаш формаларына). Айрыкча зомбулуктун кайчылаш формаларына аялдардын кийинки топтору көбүрөөк кабылышат: азчылыктарга тиешелүү аялдар; аял качкындар; жашоо каражаттарынан ажыратылган аялдар; жабык мекемелердеги жана камактагы аялдар; майыптыгы бар аялдар; баңги затын колдонгон аялдар; улгайган аялдар; алыскы райондордо жашаган аялдар; ЛГБТ+[15] өкүлдөрү. Зомбулуктун кайчылаш формаларына кабылган аялдар зомбулук тууралуу даттанууларды берүүдө жеткиликсиздик, ишенбөөчүлүк жана даттанууларды милиция, прокурорлор жана соттор тарабынан четке кагуу сыяктуу кошумча тоскоолдуктарга кабылуулары мүмкүн.

4-таблицада ден соолугунун жабыркоосунун деңгээлинен көз карандылуу түрдө майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн айрым өзгөчөлүктөрү келтирилген.

15 Белги +иденттүүлүктүн тизмеси чектелүү эмес экендигинен белги берет.

**4-таблица.** Зомбулуктан жабыр тарткан майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн жана байланышуунун өзгөчөлүктөрү

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Таяныч кыймыл аппаратынын мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда**<br> | — Сүйлөшүп жаткан учурда майыптыгы бар адам менен бирдей деңгээлде олтургула, мисалы, коляскадагы адамды башын нары-бери бурдуруп убара кылбоо үчүн жанына үстөл коюп олтургула.<br>— Уруксаты жок балдактарды, таяктарды, ичке таяктарды же майыптар үчүн креслону нары-бери жылдырбагыла.<br>— Майыптар үчүн араба (коляска) — бул адамдын кол тийбес жеке чектеринин бир бөлүгү. Арабага (коляскага) жөлөнбөгүлө. Арабаны жылдырууга жардам берүүдөн мурун, жардам керекпи деп сунуш кылуу зарыл. |
| **Угууга тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Өзүңөрдүн райондогу сурдокотормочулардын тизмеси силерде бар болсун.<br>— Угуусу начар адамга ыңгайлуу болгондой жайгашуу зарыл, мисалы, жеке угууну күчтөндүрүүчү каражат тарабынан.<br>— Сүйлөшүүнүн башында кызмат көрсөтүүлөрдүн угуусу начар колдонуучусу силерге көңүл буруп жатабы карап көңүл буруп койгула.<br>— Эгер кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу силердин жүзүңөр тарапты карабаса, өтө кылдаттык менен анын ийинине колуңарды койгула.<br>— Кыйкырбагыла жана үнүңөрдү бийик чыгарбагыла. Кызмат көрсөтүүнү колдонуучусуна түз карагыла жана оозуңарды колуңар менен жаппагыла. Силерди түшүнүп жатабы көңүл буруп койгула. |

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Угууга тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Адам үчүн ыңгайлуу сүйлөшүүнүн жолун болушунча тезирээк аныктагыла жана белгилегиле.<br>— Кыска жана жөнөкөй фразаларды колдонгула, сүйлөп жатканда атайын терминдерди жана сүйлөмдөрдөгү татаал конструкцияларды колдонбогула.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу эриндериңер аркылуу окуй алгыдай кылып, жай жана так сүйлөгүлө.<br>— Сурдокотормочуларды чакырууга мүмкүнчүлүгүңөр болсун. |
| **Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Көзү азиз адамга сөзсүз түрдө өзүңөрдүн аты-жөнүңөрдү айтышыңар зарыл, сүйлөшүүгө катыша турган башка адамдарды, ошондой эле ал жерде турган башка адамдарды дагы тааныштыруу керек (зарылчылык бар болсо, бир гана аттарын атап койбостон, алардын иштеген кызматтарын дагы айтуу зарыл).<br>— Көзү азиз адамга олтурууну сунуштаганда, аны колунан кармап, олтургучтун жөлөнгүчүнө же чыканагынан жөлөп олтурууга жардам берүү зарыл.<br>— Сүйлөшүп жатканда коштоп келген адамга эмес, кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун өзүнө карап кайрылгыла. Эгер сүйлөшүүгө бир нече адам катышып жатса, азыр кимге кайрылып жатканыңарды улам тактап тургандай жана өзүңөрдүн атыңарды атап турганды унутпагыла.<br>— Эскертүүсүз адамга жакындабагыла.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу сизди таптакыр көргөн жок деп ойлобоңуз. |

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун таягын же нары-бери жүрүүнүн башка каражатын алып салбагыла.<br>— Зарыл маалыматты даярдап койгула, мисалы чоң тамгалар менен басылып чыгарылган, аудиоформаттагы же Брайля форматындагы укуктар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалыматтарды.<br>— Зарылчылык бар болсо, көзү азиз адамга бир нерсени окуп берүү, үндүн бийиктигин нормалдуу кылып сүйлөө жана маалыматты коё бербөө зарыл. |
| **Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр**<br> | — Эгер адамда сүйлөөгө байланыштуу көйгөйлөр бар болсо, бул анын угуусунда дагы көйгөйлөр бар дегенди түшүндүрбөйт.<br>— Сүйлөөдө кыйынчылыктарды сезген адамдын сөзүн бөлбөө жана оңдобоо керек.<br>— Шаштырбагыла, адамга өзүнүн көйгөйүн түшүндүрүү үчүн канча убакыт зарыл болсо, ошончо убакыт бергиле.<br>— Ал өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана сүйлөп баштагыла.<br>— Эгер силер бир нерсени түшүнбөй калсаңар, ал адамдан кайра кайталап коюусун сурангыла.<br>— Суроолорду кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу «ооба» же «жок» деп жооп бере тургандай кылып түзгүлө.<br>— Тилдик коммуникацияда олуттуу тосколдуктар бар болсо, маалымат алмашуунун альтернативдүү жолун кылдаттык менен сунуштагыла, мисалы, жазышууну. |

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Интеллектуалдык мүчүлүштүктөр**  | — Когнитивдик (интеллектуалдык) мүчүлүштүктөрү бар адам менен өз ара аракеттенишүүдө визуалдык байланышууну колдонуу аркылуу анын жүзүнө кароо зарыл. Муну менен катар эгерде ага жагымсыз болуп жатса, көзмө көз байланышууну сактоону сурануу сунушталбайт.<br>— Интеллектуалдык мүчүлүштүктөрү бар адамдын катышуусундагы сүйлөшүүдө ал жөнүндө үчүнчү тарапка эч нерсе деп айтууга, анын ичинде ал башка адамдардын ортосундагы сүйлөшүүнү түшүнбөгөндүгү жөнүндө эскертүүгө жол берилбейт.<br>— Жөнөкөй сөздөрдү жана кыска сүйлөмдөрдү колдонгула.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу жеңил түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн сүйлөшүүнүн ар түрдүү куралдарын колдонуп маанилүү маалыматты жана нускамаларды кайталагыла (мисалы, анатомиялык моделдерди же куурчактарды).<br>— Эсиңерден чыгарбагыла, интеллектуалдык өнүгүүсүндө мүчүлүштүктөрү бар, бирок кыймыл-аракетинин жөндөмдүүлүгү сакталган адамдар өздөрү аң-сезимдүү тандоо жасоого укуктуу: жардамды кабыл алуу керекпи же жокпу, кандайдыр бир кызмат көрсөтүүдөн колдонууга макулдук берүү керекпи, башка чечимдерди кабыл алууда, ошондой эле зарыл документтерге кол коюуда.<br>— Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусуна кошумча суроолор пайда болуп калган учурда байланышуу үчүн телефон номурду таштагыла же кызмат көрсөтүүнүн жеткирүүчүсүнө кайрадан кайрылуунун жолун айтып койгула. |

| БУЗУЛУУНУН ТҮРЛӨРҮ | АҢГЕМЕЛЕШҮҮ ҮЧҮН СУНУШТАМАЛАР |
|---|---|
| **Интеллектуалдык мүчүлүштүктөр**  | — Чыдамкайлыкты, кылдаттыкты, сүйлөшүп жаткан адамга кылдат мамиле кылып жатканыңарды көрсөтүүңөр керек, бардык зарыл темаларды талкуулап, жана дагы билип туруп анын мүмкүнчүлүктөрүн же кадыр-баркын төмөндөтүүгө аракет кылбагыла, бой көтөрүп сүйлөбөгүлө, сөздү кесе сүйлөгөнгө негиз бар болсо дагы буга жол бербегиле. |

Майыптыгы бар аялдарга жана балдарга кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүдө туура терминдерди жана сөздөрдү колдонуу абдан маанилүү, 5-таблицада колдонууга жол берилүүчү жана жол берилбей турган сөздөр келтирилген.

**5-таблица.** Майыптыгы бар адамдарга карата түздөөчү терминдерди колдонуу

| ТУУРА ЭМЕС ТЕРМИН | ТУУРА ТЕРМИН |
|---|---|
| Майып | майыптыгы бар эркек адам; майыптыгы бар аял; майыптыгы бар бала; майыптыгы бар адамдар. |
| БЦШ адам;<br>БЦШ менен ооруган адам | БЦШ бар адам/ аял/ эркек/ бала |
| Даун.<br>Даун оорусу менен ооруган адам. | Даун синдрому менен жашаган аял/ эркек/ бала.<br>Даун синдрому бар аял/ эркек/ бала/ адам.<br>Өнүгүүсү өзгөчө бала. |
| Дүлөй-дудуктар | Угуусун жоготкон адам/аял/ эркек/бала.<br>Угуусу начар адамдар. |

| ТУУРА ЭМЕС ТЕРМИН | ТУУРА ТЕРМИН |
|---|---|
| Арабада (колясcкада) олтургандар | Араба колдонгон адам/ аял/ эркек/ бала. |

6-таблицада ЛГБТ+ өкүлдөрү менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер келтирилген.+.

**6-таблица.** ВИЧ позитивдүү адамдар жана ЛГБТ+ карата түздөөчү терминдерди колдонуу

| ТУУРА ЭМЕС ТЕРМИН | ТУУРА ТЕРМИН |
|---|---|
| ВИЧ ооругандар;<br><br>ЖИЖС (СПИД) жуктургандар; | ВИЧ макамы позитивдүү адам;<br><br>ВИЧ менен жашаган адамдар; |
| Салттык эмес багыттагы адамдар<br><br>Секс-азчылыктар | Гомосексуалдык адамдар/ гейлер/ бисексуалдык адамдар/ бисексуалдар (аял/ эркек)/ лесбияндар/ квир-адамдар |
| Гомосексуализм / гомосексуалисттер | гомосексуалдар/ гомосексуалдык адамдар |
| Аял болуп алган эркек/эркек болуп алган аял | Трансгендер аял/ трансгендер эркек |

# 2-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштардын кылмыш-жаза-укуктук мүнөздөмөсү

## 2.1. Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар

Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар — бул коомдук мамилелерди, жыныстык кол тийбестикти, жыныстык эркиндикти, инсандын физикалык жана адеп-ахлактык нормалдуу өнүгүүсүн, ошондой эле жыныстык мамилелердин калыптанган жолун бузган коомдук коркунучтуу, күнөөлүү мыйзамсыз кол салуулар[16]. Бул кылмыштар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 23-главасында каралган.

*Төмөндөгүлөргө бөлүнөт:*

— зомбулук көрсөтүү менен жасалган жыныстык кылмыштар (зордуктоо (КР Кылмыш-жаза кодексинин 154-бер.), сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер (155-бер.), сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо (156-бер.),

— жашы жете электерге зомбулук көрсөтпөстөн жасалган жыныстык кылмыштар (он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер (157-бер.), ыплас аракеттер (158-бер.)[17].

***Зордуктоо (КЖКнин 154-бер.)***

Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтуу болбогон зомбулукту жасоо менен же аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жыныстык катнашуу, — беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

16 2021-жылдын 28-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси.
17 Окуу колдонмо «Уголовное право. Общая и особенная части. Интенсивный курс в алгоритмах». Н. Р. Байгубатова, А. А. Абдыбеков, А. Т. Эсенбекова. — Бишкек, КГЮА, 2018-ж.

Ушул берене боюнча, анын моралдык мүнөзүнө, кылмыш жасаганга чейинки жүрүм-турумуна же укуктук абалына (сойку, чогуу жашаган, аялы) карабастан, аял гана жабырлануучу боло алат[18]. Бул кылмыштуу аракет эркек менен аялдын жыныстык катнашын анын эркине каршы, зомбулук көрсөтүү же жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу менен мүнөздөлөт. Жыныстык катнаш деп табигый түрдө жыныстык катнаш жасоону түшүнүү керек. «Зордуктоо» беренеси боюнча квалификацияланышы үчүн зордуктоо учурундагы жыныстык катнаш жабырлануучунун эркине каршы болушу керек, андыктан аял чындап эле жыныстык катнашка баргысы келбегендиги аныкталууга тийиш.

Зордуктоо квалификациясын аныктоо үчүн зомбулуктун өмүргө же ден-соолукка коркунучтуу экендигин аныктоо керек. Мында, өмүргө коркунуч туудурган физикалык зомбулукту ден соолук үчүн гана коркунучтуу зомбулуктан бөлүүнүн зарылдыгы жок. Аны менен катар эле, биз берененин баяндоосунда көрүп тургандай, жаза белгилөөдө, мындай бөлүү абдан маанилүү болуп саналат.

Зордуктоонун **негизги объектиси** бойго жеткен аялдын жыныстык эркиндиги. Эгерде зордуктоо он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага же он төрт жашка чейинки балага карата жасалса, кылмыштын объектиси болуп алардын жыныстык кол тийбестиги саналат. Ошондой эле, эгерде зомбулукка психикалык жактан оорулуу аял кабылса анын жыныстык кол тийгистиги жөнүндө айтууга болот. Буга чейин белгиленгендей, жыныстык эркиндик — бул бойго жеткен, психикалык жактан дени сак аялдын жыныстык муктаждыктарын ишке ашыруу укугу, ал эми жыныстык кол тийбестик — жашы жете элек кыздарга жана психикалык жактан соо эмес аялдарга таандык укук.

Кылмыштын **кошумча объектиси** болуп, эгерде зордуктоо учурунда зомбулук же аны колдоном деп коркутуу колдонулган болсо, аялдын психикалык жана моралдык ден соолугу саналат. Ошондой эле, жабырлануучунун өмүрү дагы кылмыштын кошумча объектисине кирет. Кылмыштын курамынын бар экендигин таануу үчүн аял (кыз) зордуктаган адам менен болгон мамилесине карабастан жабырлануучу боло алат.

18 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине илимий-практикалык түшүндүрмө Осмоналиев К. М., Супатаева Ж. Э., Бишкек, 2014-ж.

Бул кылмыштын **объективдүү тарабы** татаал мүнөзгө ээ жана төмөнкүдөй элементтерден турат: жыныстык катнаш жана зомбулук, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу же жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу, анткени бул жерде ыктыярдуулуктун, өз ара макулдуктун элементи сакталбайт, аялдын жыныстык эркиндиги бузулат.

*Кылмыш жасоонун жолдору:*

— жабырлануучуга сокку уруу, уруп-сабоо, денеге жеңил, анча оор эмес жана оор залал келтирүү аркылуу зомбулук көрсөтүү;

— жабырлануучуга же башка адамдарга зомбулук көрсөтөм деп коркутуу (өмүргө коркунуч туудурбаган жана ден соолукка олуттуу зыян келтирүүгө жөндөмсүз зомбулук көрсөтөм деп коркутуу; коркунуч реалдуу жана түзмө-түз болушу керек);

— жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу, жабырлануучу өзүнүн физикалык же психикалык абалына байланыштуу (жаш же карылык курагы, физикалык майыптыгы, психикасынын бузулушу, башка оорулуу же эс-учун жоготкон абалы ж.б.) ага карата жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албай калганда же ага каршылык көрсөтө албаганда, зомбулук көрсөткөн адам жыныстык катнашта болуп жатып, жабырлануучунун ушундай абалда экенин билүүсү.

Объективдүү тараптын элементтеринин биринин жок болушу кылмыштын курамынын жоктугунан кабар берет.

Зордуктоонун **объективдүү тарабынын милдеттүү белгилери:** зомбулук; же аны колдоном деп коркутуу; же жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу.

Зомбулук, коркутуу, алсыз абал — булар жабырлануучунун эркине басым кылып же четке кагып аны менен жыныстык катнашка баруу үчүн күнөөкөр тарабынан колдонулуучу негизги ыкмалар. Ыкмалардын тизмеси толук көрсөтүлдү жана кеңири чечмелөөгө тийиш эмес. Андыктан, ага жетүү жолдору катары ишенимге кирүү, алдамчылык ж.б. башка ыкмалар (мисалы, никеге турууга атайылап жалган убада берүү) колдонулса, зордуктоо үчүн кылмыш жоопкерчилиги болбойт.

Жыныстык катнаш болуп, бирок зомбулук же аны колдоном деп коркутуу болбосо, жабырлануучунун алсыз абалынан пайдаланылбаса, жосун кылмыштын курамына кирбейт.

**Жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу** өзүнүн физикалык же психикалык абалынан улам (акылы кем же башка психикалык бузулуулар, физикалык майыптыктар, башка оорулуу же эс-учун жоготкон абал, жаш курак ж.б) ага карата жасалган мүнөзүн жана маанисин түшүнө же ага каршылык көрсөтө албай калуусу. Ошол эле учурда зордуктоо жасап жатып адам жабырлануучунун алсыз абалда экенин түшүнүүсү керек.

Алкоголдук ичимдиктерди, баңги каражаттарын же психотроптук каражаттарды колдонуудан улам келип чыгышы мүмкүн болгон мас абалында болгон жабырлануучуга карата зордуктоо мас абалынын улам жабырлануучуга аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнүү же кылмышкерге каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган даражасы болгондо гана эс-учун жоготкон абалдан пайдаланылган деп эсептөөгө болот. Ушул эле учурда жабырлануучуну күнөөлүү адам ушундай абалга алып келгенби же анын жасаган аракетине карабастан, алсыз абалда болгонбу эч кандай мааниге ээ эмес.

Жабырлануучунун макулдугу менен кийинки жыныстык аракеттер менен коштолгон зордуктоо эгерде жабырлануучу 16 жашка чыга элек болсо КРнын 154-бер. жана 157-бер. менен жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн.

Узак эмес мөөнөттүн ичинде бир эле жабырлануучуга карата бир нече зордуктоо жасалган жана аларды жасоонун жагдайлары кылмышкердин окшош аракеттерди жасоого болгон бирдиктүү ниетин тастыктаган учурларда, жасалган кылмыш КРнын КЖКнин тийиш 154-бер. квалификацияланууч‌у бир бүтүн улантылган кылмыш катары каралууга тийиш.

Эгерде кылмышкер бир эле жабырлануучуга карата кандайдыр бир ырааттуу түрдө зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерин жасаса, зордуктоо менен сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттеринин ортосунда убакыт аралыгы болгон болбогондугуна карабастан жосун КРнын КЖКнин 154-бер. жана 155-бер. каралган кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификациялануу‌га жатат.

**Зордуктоого аракет кылуу.** Эгерде адам зордуктоону аягына чыгаруудан баш тартса, анда бул кылмышка жасоого аракет кылууну билдирет. Зордуктоого аракет кылуу түздөн-түз кылмыштуу жосун жасоого багытталган аракеттерден, б.а. кылмышкер зомбулук көрсөткөндө же аны колдоном деп коркутканда, зомбулук мүнөздөгү жыныстык аракеттерди жасоону каалап, бирок ошол эле учурда өзүнө көз каранды болбогон жагдайлардан улам өзүнүн кылмыштуу ниетин аягына чыгарбагандыгы саналат.

**Ыктыярдуу баш тартуу.** Эгерде адам кылмышты аягына чейин чыгарууну мүмкүнчүлүгү туюп сезе алса, бирок өз ыктыяры менен жана зордуктоодон баш тарткан учур (бирок анын эркине тышкары келип чыккан себептерден улам эмес). Мында баш тартуунун себептерине (жүйөөлөрүнө) карабастан, анын кылганы зордуктоодон ыктыярдуу баш тартуу катары квалификацияланат (КРнын КЖКнин 38-бер.), анын натыйжасында КРнын КЖКнин 154-бер. боюнча кылмыш жоопкерчилиги келип чыкпайт. Мында кылмышкер башка кылмыштын белгилерин (ден соолукка зыян келтирүү, уруп-сабап кыйноо ж.б.) камтыган шартта гана жүзүндөгү жосун үчүн гана жоопкерчилик тарта алат. Ошол эле учурда бул жосун эгерде ал күнөөлүү адамдан көз каранды болбогон жагдайлар боюнча, мисалы, аялдын активдүү каршылык көрсөтүүсү же зордукчунун убактылуу жыныстык алсыздыгынан улам болсо, албетте аракет катары каралып, кылмыш жоопкерчилиги келип чыгат. Мындай жагдайда, жасалган аракет КРнын КЖКнин 37-бер. аркылуу 154-бер. менен квалификацияланат. Зордуктоодон ыктыярдуу баш тартуу кылмышка даярдануу стадиясында жана ага аракет кылуу стадиясында да болушу мүмкүн.

**Субъективдүү тарабынан** алып караганда, зордуктоо түз ниет түрүндө гана мүнөздөлөт. Зордуктоо сөзсүз түрдө зомбулукту же коркутууну өзүнө камтыйт. Кылмышкер аялдын каалоосуна жана каалоосуна каршы жыныстык катнаш жасап жатканын түшүнүп, ушундай аракет кылууну каалайт. Зордуктаган адам мындай зомбулук жана коркутууларды колдонуу менен аялды каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, аны күрөштөн баш тартууга мажбурлай турганын түшүнүшү керек. Кээ бир шарттарда күнөлүү адам аялдын алсыз абалда экенин түшүнүшү зарыл.

Ушуга байланыштуу зордуктоо боюнча кылмыш иштерин тергөөдө күнөлүү адамдын аракетинде зордуктоо ниети болгон-болбогону такталууга тийиш. Ошондой эле ал колдонгон зомбулук негизги максат болгон зордуктоого жетүүнүн ыкмасы болгонбу жокбу так аныкталууга жатат. Эгерде зомбулук колдонуу, коркутуу башка мотивдерди жана максаттарды көздөсө (бейбаштык максаттары, жабырлануучуну шылдыңдоо, басынтуу максаты ж.б.) анда сыртынан зордуктоого окшош аракеттер (мисалы, күнөөлү адам аны менен жыныстык катнашта болууну талап кылуусу, аны кулатууга аракет жасоосу, денесинин ар кайсы жеринен кармалоосу) КРнын КЖКнин 154-бер. квалификациялanышы мүмкүн эмес.

Тергөө жана соттук практиканы изилдөө көрсөткөндөй, жабырлануучу зордуктоо жасаган адамга дайыма активдүү каршылык көрсөтө албайт, бул ага өз ыктыяры менен жыныстык катнаш жөнүндө сөз кылууга негиз болот, ал эми зомбулукту жыныстык кумарлануунун өзүнчө бир көрүнүшүнө киргизишет. Албетте, мындай билдирүү физикалык зомбулуктун минималдуу формаларында (жыгылуу, колун кайрып алуу, кийимин айрып алуу ж.б.) гана болушу мүмкүн. Ал эми уруп соккуга алган учурларда мындай суроо жаралбайт.

Андыктан, аялдын эркине каршы зомбулук менен жыныстык катнаш жасоого түздөн-түз ниетин аныктоо үчүн, анын жыныстык жакындыкка макул эместигин кантип ынанымдуу билдиргенин, демек, эркек муну түшүнгөнбү же жокпу, аял мындай жакындыкты каалаган эместигин аныктоо чоң мааниге ээ.

**Кылмыштын субъектиси** 14 жашка толгон эркек адам гана боло алат. Бирок, кошо аткаруучу катары аял боло алат, анкени курамдын объективдүү тарабына зомбулук көрсөтүү, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу, жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу да кирет.

Ушундай эле жосун, мисалы, жабырлануучунун каршылык көрсөтүүгө болгон эркин басуу жолу менен аял тарабынан жасалышы мүмкүн. Практикада аялдар зордуктоого уюштуруучу, шыкакчы, шериктеш же жабырлануучуга физикалык же психикалык зомбулук көрсөтүү жолу менен зордуктаган адамга жардам көрсөтүүдө катышкан болсо, зордуктоонун субъектилери деп таанылат. Аялдарды мындай аракеттерге мисалы, өч алуу сыктуу мотивдер түртүүсү мүмкүн.

Зордуктоо бул кылмыштын курамынын объективдүү тарабында каралган жыныстык катнашка анын аяктаганына жана андан келип чыккан кесепеттерге карабастан башталган учурдан тартып **аяктады деп эсептелүүгө тийиш** Ошол эле учурда кылмыш жасоонун мотиви (жыныстык муктаждыктарды канааттандыруу, өч алуу, улуттук же диний жек көрүү, жабырлануучуну басынтууга умтулуу ж.б.) жосундун квалификациясы үчүн мааниге ээ эмес.

*Зордуктоо кылмыш катары төрт бөлүктөн турат, алардын ар бири өзүнүн квалификациялык белгилерине ээ.*

КР КЖКнин 154-бер. экинчи бөлүгүндө алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган ошол эле жосун үчүн жоопкерчиликти күчөтүү каралган (1-п); алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган (п.2); өмүргө же ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу коркунучу менен коштолгон (п.3); жабырлануучуга же анын жакындарына карата өзгөчө мыкаачылык менен жасалган (п.4). Кылмыштардын бул курамдары өзгөчө оор кылмыштардын категориясына кирет, алар үчүн сегиз жылдан он бир жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган.

1. Алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган зордуктоо.

Алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган зордуктоодо бир же бир нече жабырлануучу бир нече адам тарабынан сексуалдык зомбулукка дуушар болгон учурларды гана эмес, ошондой эле күнөөлүүлөр макулдашып аракеттенип, бир нече адамга зомбулук көрсөтүү же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу, андан кийин алардын ар бири же жок дегенде бирөө менен жыныстык катнашка баруусу.

Адамдардын тобу тарабынан жасалган зордуктоо түздөн-түз мажбурлап жыныстык катнашка барган адамдардын аракеттеринен гана эмес, жабырлануучуга же башка адамдарга карата физикалык же психикалык зомбулук көрсөтүү аркылуу аларга жардам берген адамдардын аракеттеринен да эсептелет.

Ошол эле учурда, зомбулуктуу жыныстык катнашты жеке жасабаган, бирок зомбулук көрсөтүү же башка адамдарга кылмыш жасоого жар-

дам берген коркутуу аркылуу жасаган аракеттер зордуктоого кошо катышкандык катары квалификацияланууга тийиш.

Жабырлануучу менен түздөн-түз жыныстык катнашка барбаган жана бул аракеттерди жасоодо ага карата физикалык же психикалык зомбулук көрсөтпөгөн, бирок күнөөлү адамга кеңеш, көрсөтмө берүү, маалымат берүү же тоскоолдуктарды жоюу ж.б.у.с көмөктөшкөн адамдын аракеттери зордуктоого көмөкчү катары башкача айтканда, КРнын КЖКнин 41-бер. 4-бөл. жана 154-беренеси менен квалификациялануга тийиш.

2. Өмүргө же ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу коркунучу менен коштолгон зордуктоо.

Эгерде мындай коркунуч жабырлануучунун каршылыгын жеңүү каражаты болуп саналса жана жабырлануучу бул коркунучтан кооптонгонго негиздер болсо бул жосун жасалган деп эсептелет. Зомбулук көрсөтөм деп коркутуу деп жабырлануучуга гана эмес, башка адамдарга (анын ичинде туугандарына) карата физикалык зомбулук көрсөтүүгө реалдуу ниетин көрсөтүүчү аракеттерди жасоо түшүнүлөт. Ден соолукка жеңил жана анча оор эмес залал келтирүү бул кылмыштын бир бөлүгү болуп саналат.

Зомбулук коркунучу оозеки түрдө же иш-аракеттер менен, мисалы, курал-жарактарды же зыян келтире турган башка нерселерди көрсөтүү менен чагылдырылат. Белгилей кетсек, зордуктоо курамындагы коркунуч жабырлануучу тарабынан реалдуу катары кабыл алынышы керек. Коркутуу адамдын дароо физикалык зомбулук көрсөтүү ниетин же дароо зордуктоого мажбурлоосун билдирүүгө тийиш. Ушундай коркутуу гана жабырлануучуну кол салуудан кача албаган абалга келтирет.

Физикалык зомбулук жабырлануучуну (же башка адамдарды) оорууну пайда кылуу, эркиндигин чектөө, муунтуу, уруп-сабоо, байлоо, ден соолугуна башка зыян келтирүү ж.б. көрүнөт. Жабырлануучунун ички органдарына тийгизген таасири, мисалы, баңги каражаттарын, психотроптук заттарды ж.б. сайуу физикалык зомбулук катары таанылышы мүмкүн.

Психикалык зомбулук деп башка адамдын психикасына анын эркин басуу жана кылмышкердин эркине баш ийдирүү максатында укукка

Жалпы чарба жүргүзүү — бул аялдар менен бир чарбада эмгек функциясын жүргүзүүнү билдирет, мисалы, жалпы малды багуу, эмеректерди жана башка үй буюмдарын сатып алуу, үйдү же батирди кароо жана жалпы үй чарбасынан түшкөн кирешени чогу пайдалануу. Кылмыш-жаза мыйзамдары боюнча, бул кылмыш созулган кылмыш катары эсептелет, андыктан чогуу жашоо көп жылдар бою уланышы мүмкүн.

Жосундун **субъективдүү тарабы** ниет түрүндөгү күнөө менен мүнөздөлөт.

Кылмыштын **субъектиси** эки же андан көп аял менен атайылап чогуу жашаган жашы 16 жаштан ашкан эркек адам. Бул кылмышка кошо катышкандыгы үчүн буга чейин катталган никеде турган адамдын никесин диний жагынан каттаган адам жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Никеде турган адамдын никесин атайылап каттаган ЖААК органдарынын кызматкерлери кызматтык кылмыштар боюнча тиешелүү беренелер боюнча жоопкерчиликке тартылышат.

***Үй-бүлөлүк зомбулук (КРнын КЖКнин 177-бер.)***

Үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө же ага теңештирилген адамга карата жабырлануучунун конституциялык жана башка укуктарын жана эркиндиктерин бузган, ошого тете анын дене боюн же психикасын жабыркаткан, дене боюнун же психикалык өнүгүшүнө зыян келтирген, ден соолукка анча оор эмес залалга алып келген ар кандай атайын аракеттери, — эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же болбосо кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге тартууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

# 3-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан сотко чейинки өндүрүштүн жүргүзүлүшүнө прокурордук көзөмөл

## 3.1. Укуктук негиздер жана кылмыштардын тергөөсүнүн жүргүзүлүшүндө прокурордун ыйгарым укуктары

Кылмыштардын тергөөсүнө прокурордук көзөмөлдү жүргүзүүнүн укуктук негиздери болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 2022-жылдын 10-январындагы «Тергөөгө жана изин-суутпай издөө ишине прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө» № 2-б буйругу эсептелет.

Процессуалдык мажбурлоо чараларын колдонуу менен кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди чектөө менен байланышкан кылмыштардын бетин ачуу жана тергөө боюнча тергөө органдарынын иши жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктары менен тыгыс байланышкан.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23,24-беренелерине ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренеси ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде

жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берет.

Ошондой эле ченемдер Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде камтылган, ага ылайык Кыргыз Республикасында кылмыш-жаза сот өндүрүшү укуктун үстөмдүүлүк принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат, ага ылайык адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулуктар катары таанылат.

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы 2-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдигин жана чыңдалышын, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылуучу мамлекеттик орган. Прокуратура бирдиктүү системаны түзөт, ага көзөмөл анын ичинде тергөөнү жана изин суутпай издөө иштерин жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сакташын көзөмөлдөө жүктөлөт.

Прокуратура органдарынын көзөмөлдүк ишинин бул чөйрөсүнүн актуалдуулугу кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын жана кылмыштарды тергөө процессинде мыйзамдуулуктун тартибин камсыз кылуунун зарылчылыгы, ошондой эле бул багыттагы прокуратура органдарынын ишинин көөлөмдүүлүгү менен аныкталат. Тергөө жана алдын ала текшерүү органдары тарабынан мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратура органдарынын ишинде борбордук орунду ээлейт, кылмыштуулукка каршы күрөш чөйрөсүндө мыйзамдуулукту камсыз кылуунун маанилүү кепилдиги болуп саналат.

Тергөө жана алгачкы текшерүү органдарынын мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл деп тиешелүү прокурорлордун кылмыш-жаза процессинин сотко чейинки стадияларында мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн аларга берилген ыйгарым укуктарды пайдалануу менен өз компетенциясынын чегинде кылмыштын тергөөсүнө жүргүзгөн иши түшүнсөк болот[20].

20 Прокурордун дайыма колдонулуучу китеби С.И. Герасимовдун редакциясынын алдында Москва, 2002

Ушул конституциялык Мыйзамдын 36-беренсине ылайык тергөөнүн жана алгачкы текшерүүнүн мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүү менен, прокурор төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) сутканын кайсы убагында болбосун тергөө жана алгачкы текшерүү органдарына барууга, алардын орун-жайларын, аларда турган объекттерди карап чыгууга, алардын өндүрүшүндө турган иштердин материалдары менен таанышууга; мыйзамсыз кармалган адамдарды өзүнүн токтому менен бошотууга;

2) тергөө жана алгачкы текшерүү органдарынан кылмыш иштерин, документтерди, материалдарды жана жасалган же даярдалып жаткан кылмыштар жөнүндө, изин суутпай издөө иш-чараларынын жүрүшү жөнүндө башка маалыматтарды текшерүү үчүн алууга;

3) жасалган же даярдалып жаткан кылмыштар жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алууда, каттоодо, чечүүдө мыйзамдуулуктун сакталышын текшерүүгө;

4) эгерде тергөөнүн жүрүшүндө процесстин катышуучуларынын жана башка жарандардын укуктарын бузууларга, тергөөнүн мыйзамсыз ыкмаларына жол берилсе, күнөөлүү адамдардын жоопкерчилиги тууралуу маселени коюуга;

5) зарыл болгондо тергөө бөлүмдөрүнүн жана алгачкы текшерүү органдарынын жетекчилеринен аларга баш ийген органдарда мыйзам бузууларды четтетүү максатында текшерүүлөрдү жүргүзүүнү, кылмыштардын толук ачылуусун камсыз кылууну талап кылууга;

6) бөгөт коюу чарасы катары камакта кармоо колдонулган адамдарды камакта кармоонун мыйзамдарда белгиленген тартибинин жана шарттарынын сакталуусун текшерүүгө;

7) кандай гана кылмыш болбосун өзүнүн өндүрүшүнө алууга же өзүнө баш ийген прокурорго же тергөөчүгө тапшырууга;

8) өндүрүшүндө турган кылмыш иши боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдү, жабырлануучуларды жана башка катышуучуларды мамлекеттик коргоону жүзөгө ашыруу

жөнүндө чечимди «Жазык сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана башка катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кабыл алууга;

9) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген ыйгарым укуктарды аткарууга укуктуу.

Изин-суутпай издөө ишин, сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын сакталыша көзөмөл жүргүзүү милдеттерди аткарууда прокурор Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 35-беренесине ылайык төмөндөгүлөргө ыйгарым укуктуу:

1) жасалган же даярдалып жаткан кылмыштар жөнүндө билдирүүлөрдү кабыл алуунун, каттоонун жана чечүүнүн аткарылышынын мыйзамдуулугун, Кылмыштардын бирдиктүү реестрине киргизилген маалыматтардын толуктугун жана аныктыгын текшерүүгө;

2) сотко чейинки өндүрүшкө тиешелүү материалдарга, документтерге жана башка маалыматтарга толук жеткиликтүү болууга;

3) ыкчам издөө ишин жүзөгө ашыруучу жана алгачкы текшерүү органдарынын мыйзамдарды аткарышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга;

4) тергөөчүнүн ушул Кодексте каралган ыйгарым укуктарын пайдалануу менен сотко чейинки өндүрүштү баштоого жана (же) жүргүзүүгө;

5) кылмыш иштерин козгоого, тергөөнүн караштуулугуна ылайык, өзгөчө учурларда — тергөөнүн караштуулугуна карабастан, тергөөчүгө же тергөөчүлөрдүн тобуна, төмөн турган прокурорго өткөрүп берүүгө. Өзгөчө учурлар төмөнкүлөр болуп саналат: тергөөчү ишти калыс тергөө жүргүзбөөсү; кызмат адамдарынын карамагында турган тергөөчүгө тигил же бул чечимди кабыл алдыруу максатында кысым көрсөтүүсү; иштин коомдук маа-

нилүүлүгү; ушул иш боюнча кылмышты ачкан органдын иш боюнча тергөө жүргүзүүсүнүн максатка ылайыктуулугу;

6) кармоонун мыйзамдуулугун текшерүүгө жана ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен кармалган адамдарды бошотуу жөнүндө токтом чыгарууга;

7) сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдардын мыйзамдарды аткарууларына көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга;

8) алгачкы текшерүү органына, тергөөчүгө тигил же бул процессуалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндө жазуу жүзүндө көрсөтмө берүүгө;

9) текшерүү, инвентаризация жүргүзүү жана (же) экспертизаларды дайындоо жөнүндө токтомдорду чыгарууга;

10) көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу прокурордун көрсөтмөлөрүнө макул болбогон тергөөчүнүн каршы пикирин кароого;

11) тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, төмөн турган прокурордун мыйзамсыз жана негизсиз чечимин жокко чыгарууга, иш боюнча өндүрүштү токтотуу, кыскартуу жөнүндө токтомдорду чыгарууга;

12) алгачкы текшерүү органынан, тергөөчүдөн сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жол берилген мыйзам бузууларды четтетүүнү талап кылууга;

13) соттун чечиминин негизинде жол бериле турган күрөө, үй камагы, камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чараларын өзгөртүү, колдонуу жөнүндө, айыпталуучуну камакта кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн сот алдында козгоодо, ошондой эле экстрадициялык камакка алууга макулдук берүүгө же болбосо баш тартууга;

14) соттун алдында атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүнө макулдук берүүгө же болбосо макулдук берүүдөн баш тартууга;

15) кылмыш-жаза сот өндүрүш тутумунан баланы чыгаруу жөнүндө токтомду жана келишимди бекитүүгө;

16) тергөөнүн мөөнөтүн узартууга же болбосо аларды узартуудан баш тартууга;

17) алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, төмөн турган прокурордун чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууларды чечүүгө;

18) тергөөчүгө билдирилген четтетүүнү, ошондой эле анын өзүн өзү четтетүүсүн чечүүгө;

19) тергөөчүнү жана төмөн турган прокурорду, эгерде алар мыйзам бузууга жол беришсе, сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырууга андан ары катышуудан четтетүү тууралуу токтом чыгарууга;

20) эгерде иммунитеттен пайдаланган адамдар айыпталуучу катары тартылууга тийиш болсо, аларды кылмыш куугунтугуна иммунитеттен ажыратуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга;

21) күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашууну түзүү тууралуу өтүнүчтү канааттандырууга же баш тартууга;

22) жабырлануучуга, күбөгө жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан башка адамдарга карата коргоо чараларын колдонуу жөнүндө тапшырма берүүгө;

23) кылмыш иши боюнча айыптоо актысын, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө токтомду бекитүүгө, же болбосо жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн ишти тергөөчүгө кайтарып берүүгө, өзүнүн токтому менен айыптоо актысынын айрым пункттарын жокко чыгарууга же айыпталуучунун аракеттерин жеңилдетүү жагына кайра квалификациялоого, же болбосо кылмыш ишин кыскартууга же болбосо кылмыш ишинин бөлүгүндө кыскартууга;

24) сотто айыптоону колдоого;

25) кылмыш куугунтугунан баш тартууга жана (же) коюлган айыпты өзгөртүүгө;

26) ушул Кодексте белгиленген тартипте сот чечимдерине даттанууга;

27) ушул Кодексте каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга.

Прокурор көзөмөлдү жүзөгө ашырууда мыйзамдын төмөнкү талаптарын жетекчиликке алууга тийиш: мамлекеттик бийлик органдарынын жана кызмат адамдарынын чечимдерине жана аракеттерине сотко даттанылышы мүмкүндүгү; кармалган, камакка алынган, кылмыш жасоого айыпталган ар бир адам шектүүнү, айыпкерди биринчи суракка алууда, шектүүнү, айыпталуучуну жеткирген же иш жүзүндө кармаган учурдан тартып адвокаттын жардамынан пайдаланууга укуктуу экендиги, айыпкер өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эместиги, күнөөлүүлүк боюнча кандай болбосун күмөн саноолор айыпкердин пайдасына чечмеленээри, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мыйзамды бузуу менен алынган далилдерди пайдаланууга жол берилбестиги; эч ким өзүнө жана чөйрөсү мыйзам тарабынан аныкталган жакын тууганадарына күбөлүк кылууга милдеттүү эместиги; кылмыштардан жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануудан жабыр тарткандардын укуктары мыйзам тарабынан корголот тургандыгы; мамлекет жабырлануучуларга сот адилеттигине жетүүнү жана келтирилген зыяндын ордун толтурууну камсыздай тургандыгы.

## 3.2. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан кылмыштардын тергөөсүнө көзөмөл жүргүзүү боюнча методикалык сунуштамалар

Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары тарабынан берилген маалыматка ылайык, **2020**/ 2019 жылдары КЖБР АМСна аялдарга карата зомбулук көрсөтүүгө байланышкан **1863/** 2021 сотко чейинки өндүрүш катталган, алар:

| | |
|---|---|
| **жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар** | Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин (02.02.2017-жылдагы редакциясы) 161-бер. боюнча (зордуктоо) — 679/767, 162-бер. боюнча (сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер) — 48/39, 163-бер. боюнча (сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо) — 61/81. Жыйынтыгында 158/142 айыпталуучуларга карата тергөө аяктап, 139/126 кылмыш иштери сотко жөнөтүлгөн.<br><br>**Ал эми, 674/ 703 сотко чейинки өндүрүштөр кыскартылган.** |
| **инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштар** | 164-бер. боюнча (он алты жашка жетелек адам менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) — 239/212, 165-бер. боюнча (ыплас аракеттер) — 94/144, 166-бер. боюнча (сойкулук кылууга тартуу) — 11/33, 167-бер. боюнча (сойкулукка жана ыпластыкка көмөктөшүү) — 178/214, 168-бер. боюнча (билип туруп жашы жетелекти порнобизнеске тартуу) — 6/3. Жыйынтыгында 83/86 айыпталуучуларга карата тергөө аяктап, 79/85 кылмыш иштери сотко жөнөтүлгөн.<br><br>**Ал эми, 496/ 385 сотко чейинки өндүрүштөр кыскартылган** |
| **үй-бүлө мамилелеринин салттарына жана жашы жетелектердин кызыкчылыктарына каршы кылмыштар** | 175-бер. боюнча (адамды никеге туруу максатында уурдоо) — 215/225, 176-бер. боюнча (иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо) — 29/37, 177-бер. боюнча (адамды никеге турууга мажбурлоо) — 49/42, 178-бер. боюнча (диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу) — 238/209, 179-бер. боюнча (эки жана андан көп аял алуу) — 16/15. Жыйынтыгында 207/191 айыпталуучуларга карата тергөө аяктап, 87/77 кылмыш иштери сотко жөнөтүлгөн.<br><br>**Ал эми, 497/ 399 сотко чейинки өндүрүштөр кыскартылган.** |

2020-жылы республиканын укук коргоо органдары тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча КЖБР АМСна 9401 арыз жана

билдирүү катталып, сотко чейинки өндүрүш иштери башталган, алар 519 кылмыш жана 8882 жорук.

Тергөөнүн жыйынтыгы менен 519 кылмыш иштин ичинен 320 иш өндүрүштөн кыскартылган (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-бер. 1-бөл.1-пункту менен — 1 (кылмыш окуясы жана (же) жорук окуясы болбогондо); 2-пункту менен — 225 (жосундарда кылмыштын курамы жана (же) жоруктун курамы болбогондо); 4-пункту менен — 22 (ушул Кодексте каралган учурларда жабырлануучунун арызы жок болгондо); 13-пункту менен — 72 (ушул Кодекстин 23-беренесинин 3-бөлүгүнө жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 39-беренесине ылайык тараптардын жарашуусуна байланыштуу), 181 иш сотко жиберилген.

Ал эми, 8882 жорук жөнүндө иштердин ичинен 7578 иш өндүрүштөн кыскартылган (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-бер. 1-бөл.1-пункту менен — 1 (кылмыш окуясы жана (же) жорук окуясы болбогондо); 2-пункту менен — 4188 (жосундарда кылмыштын курамы жана (же) жоруктун курамы болбогондо); 3-пункту менен — 9 (жазык мыйзамынан же Жоруктар жөнүндө кодекстен алып караганда, келтирилген залал укук чегинде болгондо: коргонуу зарылдыгы; аргасыз зарылдык; жеке же психикалык жактан мажбурлоо; кылмыш же жорук жасаган адамды кармоо; кызмат орду боюнча мыйзамды, буйрукту (тескемени), милдеттерди аткаруу; негиздүү тобокелчилик; атайын тапшырманы аткаруу); 4-пункту менен — 1253 (ушул Кодексте каралган учурларда жабырлануучунун арызы жок болгондо); 13-пункту менен — 2127 (ушул Кодекстин 23-беренесинин 3-бөлүгүнө жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 39-беренесине ылайык тараптардын жарашуусуна байланыштуу), 2 жорук бир өндүрүшкө бириктирилип, 1093 жорук жөнүндө иш сотко жиберилген.

Тергөө органдары тарабынан мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл тергөөгө чейинки текшерүү жана тергөө стадиясынан башталат.

Прокурордук көзөмөлдүн ушул этаптагы милдети болуп кылмыштарды эсепке алуудан жашыруу учурларын аныктоо, четтетүү жана алдын алуу эсептелет. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 147-беренесине ылайык, сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар кандай болбосун жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана

каттоого милдеттүү. Арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды, ал катталган убактысын жана каттоо номерин көрсөтүү менен кабыл алынган арыздын же билдирүүнүн катталгандыгы тууралуу документ арыз ээсине берилет. Жасалган же болбосо даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү каттоодон баш тартуу же жаап-жашыруу Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 153-беренсине ылайык, тергөөчү, прокурор ушул Кодекстин 148-беренесинде каралган сотко чейинки өндүрүштү баштоого себеп болгон учурдан тартып тергөөгө чейинки текшерүүнү баштоого милдеттүү, анын жүрүшүндө төмөнкүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу:

1) окуя болгон жерди кароого жана өлүктү кароого;

2) ушул Кодекстин 196-203-беренелеринин талаптарын сактоо менен күбө катары суракка алууга;

3) экспертизаларды жүргүзүүнү дайындоого;

4) ушул Кодекстин 236-беренесинде каралган тартиптен тышкары, салыштырып изилдөө үчүн үлгүлөрдү алууга;

5) документтерди жана буюмдарды талап кылууга;

6) изин суутпай издөө иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө аткарылышы милдеттүү болгон жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды алгачкы текшерүү органына берүүгө.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 153-бер. 2-бөл. ылайык, тергөөгө чейинки текшерүүнүн натыйжалары боюнча тергөөчү, прокурор төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) кылмыш ишин козгоо жөнүндө;

2) кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө.

Аталган кодекстин 153-бер. 3-бөл. ылайык, кылмыш ишин козгоо же аны козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим, сотко чейинки өндүрүштүн башталышына карата себеп катталган учурдан тартып токтоосуз,

бирок 10 суткадан кечиктирилбестен кабыл алынууга тийиш. Көрсөтүлгөн мөөнөттө чечим кабыл алууга мүмкүн болбогон учурда, бул мөөнөт тергөөчүнүн жүйөлөштүрүлгөн токтому боюнча төмөнкү жагдайлардын бири болгондо прокурор тарабынан 20 суткага чейин узартылышы мүмкүн:

1) аларды жүргүзүү үчүн узак убакытты талап кылган экспертизаларды, кызматтык териштирүүлөрдү, документалдуу ревизияларды дайындаганда;

2) алыскы жерлерде жүргөн же чакыруулар боюнча келүүдөн качкан күбөлөрдү суракка алуу зарылдыгы.

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечимдин негиздүүлүгүнө баа берүүдө прокурорлор төмөнкүлөргө негизденет:

— арызда (билдирүүдө) келтирилген бардык жагдайлар текшерилгенби;

— текшерүүнүн сапаты кандай, атап айтканда, арызда көрсөтүлгөн адамдар суракка алынганбы же зарыл болгон башка маалыматтар алынганбы;

— зарыл болгон документтер алынганбы;

— текшерилүүгө тийиш болгон жагдайлар түшүндүрмөлөрдө жана документтерде толук чагылдырылганбы же жокпу;

— текшерүүлөрдүн материалдарында карама-каршылыктар барбы, эгерде болсо, аларды тактоо боюнча зарыл чаралар көрүлгөнбү;

— текшерүүнүн жүрүшүндө алынган, анын негизинде иш козгоодон баш тартылган маалыматтарды баалоо туурабы;

— мыйзам туура колдонулганбы же жокпу.

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу мыйзамсыз же негизсиз деп таанылган учурда прокурор кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтомун жокко чыгаруу жана кылмыш ишин козгоо жөнүндө токтом чыгарат же болбосо материалдарды кошумча тергөөгө чейинки текшерүү

жүргүзүү үчүн жиберет. Мындан тышкары, прокурор кылмыштар жөнүндө арыздарды (билдирүүлөрдү) тергөөнүн караштуулугу боюнча жөнөтүүнүн мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзөт.

Тергөө баскычында көзөмөлдү жүзөгө ашырууда ал көзөмөлдү тергөөчүнүн бардык аракеттери жана чечимдери мыйзамдуу жана негиздүү болгудай, алар тарабынан жасалган мыйзам бузуулар өз убагында аныкталып, кемчиликтер четтетилгидей уюштурулууга тийиш.

Мыйзамда прокурор тергөө органынын аракеттерин жана чечимдерин алар аткарылганга чейин текшерүүгө милдеттүү болгон учурларды аныктайт. Бул иштердин баары тергөөчүнүн соттун санкциясын алуу зарылдыгы менен байланышкан.

Аны менен катар эле мыйзам прокурорду тергөө учурунда, бардык кылмыш иштер боюнча тергөөчү тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөгө милдеттендирет. Тергөө баскычында прокурордук көзөмөлгө жүктөлгөн милдеттерди чечүүдө көптөгөн факторлор, атап айтканда, жасалган кылмыштын оордугу; анын бетин ачуунун жана иш үчүн маанилүү болгон жагдайларды аныктоонун кыйынчылыгы; тергөөчүнүн квалификациясы жана тажрыйбасы; тергөө бөлүмүнүн башчысы тарабынан жүргүзүлүүчү процессуалдык ведомстволук контролдун деңгээли же бир нече тергөөчүлөрдөн турган топто иштөө шарттары эске алынат;

Тергөөнүн жүрүшүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууну образдуу түрдө төмөнкү этаптарга бөлүүгө болот:

— тергөө жана башка процессуалдык аракеттерди жасоонун мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү;

— коюлган айыптын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү;

— кийинки тергөө аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү;

— тергөөнүн аяктоо стадиясында көзөмөл жүргүзүү.

Далилдерди алуу жана талаптагыдай бекитүү тергөө жана башка процессуалдык иш-аракеттердин сапаттуу жана өз убагында жүр-

гүзүлүшүнө окуя болгон жерди кароого, шектүүлөрдү кармоого, жана тинтүү жүргүзүүлүшүнө көзөмөлдү камсыздоо үчүн прокурорлордон өз убагында жүргүзүлгөн көзөмөлдү талап кылат.

Бул алгачкы тергөө аракеттери эң татаал жана ошол эле учурда жарандардын конституциялык укуктарына олуттуу таасирин тийгизет.

Көптөгөн кылмыш иштеринде кечиктирилгис тергөө аракеттери болуп кылмышка шектүүнү кармоо жана издөө болуп саналат. Кармоо кылмыштуулукту токтотуунун натыйжалуу каражаты, бирок ошол эле учурда адамдын кол тийбестиги боюнча конституциялык укугун олуттуу түрдө чектейт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 97-бер. ылайык, шектүүнү кармоо жөнүндө токтом ал тергөө органына жеткирилген учурдан тартып чыгарылат. Иш жүзүндө кармалган учурда шектүүгө эмнеден шек саналып жаткандыгы жарыяланышы керек, ошондой эле ага өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө укугу, адвокат алуу укугу, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укугу түшүндүрүлүүгө тийиш.

Кармоо жөнүндө токтомдо аны түзүүнүн датасы жана орду, токтом түзгөн адамдын кызматы, фамилиясы, аты, шектүүнүн инсандыгы, кармоо учурундагы анын ден соолугунун абалы, иш жүзүндө кармоонун негиздери жана жүйөлөрү, орду жана убактысы (саатты жана мүнөттү көрсөтүү менен) жөнүндө маалыматтар, шектүүгө ушул Кодекстин 44-беренесинде каралган укуктарды түшүндүрүү жөнүндө маалыматтар, жеке тинтүүнүн жана телефон менен сүйлөшүүнүн жыйынтыктары көрсөтүлөт. Кармоо жөнүндө токтом шектүүгө жарыяланат жана ага тергөөчү менен шектүү, ошондой эле адвокат шектүүнүн иш жүзүндө кармалган так убактысын көрсөтүү менен кол коюшат.

Камакка алуу прокурордун алдын ала макулдугусуз жүргүзүлөт.Токтомдун көчүрмөсү кармалганга токтоосуз тапшырылат жана 12 сааттын ичинде прокурорго жиберилет.

Иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 45 саат өткөнгө чейин, ал эми шектелген балага карата 21 саат өткөнгө чейин ушул Кодекстин 265-беренесинде каралган тартипте кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн шектүү сотко жеткирилүүгө тийиш.

Айып коюу боюнча тергөө органдарынын ишин жөнгө салуучу кылмыш-жаза процесстуалдык мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылуу прокурордук көзөмөлдүн маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Прокурорлор эч бир жаран мыйзамсыз жана негизсиз кылмыш жоопкерчилигине тартылбоосуна катуу көз салуу менен гана чектелбестен, айып коюу белгиленген процессуалдык тартипке так ылайык жүргүзүлүүсүн камсыз кылуулары зарыл. Аны менен катар эле, алар тергөөчүлөрдүн аракеттерине карата жабырлануучулардын арыздарына да өзгөчө кылдаттык менен мамиле кылып, тууралыгын көзөмөлдөп, кылмыштарды квалификациялоо боюнча жазуу жүзүндө көрсөтмөлөрдү берүүлөрү зарыл.

# 4-глава. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук иштери боюнча сотто прокурордун мамлекеттик айыптоонун колдоосу

## 4.1. Прокурордун мамлекеттик айыптоонун колдоосунун укуктук мааниси

Айыптоо функциясы болбосо кылмыш-жаза процессин элестетүү мүмкүн эмес. Айыптоочу жана жактоочу тараптын позицияларынын карама-каршылыгы талаш-тартышты жаратып, соттук териштирүүнүн маңызын түзөт. Процесстин катышуучулары далилдерди келтирүүгө жана изилдөөгө, өтүнүч келтирүүгө, кылмыш иши боюнча маанилүү болгон ар кандай маселе боюнча пикирин билдирүүгө, соттук талаш-тартыштарга катышууга бирдей укуктарга ээ. Сот тараптарга берилген укуктарды ишке ашыруу жана алардын процессуалдык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл шарттарды түзөт. Сотто айыптоо жана жазык куугунтуктоо функциясы мамлекеттик айыптоону колдоо түрүндө ишке ашырылат, ал эми прокурор — мамлекеттик айыптоочу катары өзгөчө статуска ээ. Прокурор сот отурумунда сөз сүйлөп, процесстин гана тарабы болбостон, мамлекеттин атынан да чыгат. Бул мыйзам талаптарын гана эмес, этикалык ченемдерди жана эрежелерди да сактоону талап кылат. Мамлекеттик айыптоону колдоо прокурордон мыйзамды так сактоону жана сөз сүйлөө жөндөмүн талап кылат. Сотто мамлекеттик айыптоону колдогон прокурор коомдук талаш-тартышта мамлекеттин атынан сотто сүйлөп жатканын унутпашы керек[21].

Айыптоо сотко карата талаптарды камтыбайт, бирок соттолуучунун кылмыш жасоо фактысын тастыктоону түшүндүрөт, сотто мамлекеттик айыптоочу тарабынан колдоого жана негиздөөгө алынат. Айыптоо үч бөлүктөн турат: биринчиси — айыптоонун фабуласы, экинчиси — айыптоонун укуктук түзүлүшү, үчүнчүсү — юридикалык квалификация. Айыптын фабуласы болуп айыптоонун иш жүзүндө түзүлүшү

21 А.А. Данилевич, О.В. Петрова, «Поддержание государственного обвинения», окуу электрондук басылма, Минск, Беларус мамлекеттик университети, 2020-ж.

түшүнүлөт. Анын юридикалык жактан түзүлүүсү ачылган кылмыштын укуктук моделин билдирет. Ал эми юридикалык квалификация кылмышкердин кылмыш-жаза мыйзамынын тигил же бул беренеси боюнча жасаган иш-аракеттеринин жыйынтыгын чыгаруу болуп саналат[22].

«Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, сотто мамлекеттик айыптоону колдоо прокуратура ишинин бир багыты болуп эсептелет. Бирок изилдөөлөр көрсөткөндөй, прокурорлор аялдарга карата зомбулук боюнча иштерди кароодо жабырлануучулардын укуктарын формалдуу түрдө камсыздап, сот отурумуна катышкан адвокаттарды «көрсөтүү үчүн» чакырып, ал эми адвокатты иш менен тааныштыруу үчүн сот отуруму кийинкиге жылдырылбай калган учурлар бар[23].

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 6-беренесине ылайык, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттери бири болуп адилеттүү соттук териштирүү жана кылмыш-жаза мыйзамын туура колдонуу саналат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 34, 295-беренелерине ылайык, прокурор — ушул Кодексте каралган компетенциянын чектеринде бардык кылмыш иштери боюнча соттун алдында мамлекеттик айыптоону колдойт, айыпталуучунун күнөөлүүлүгү жөнүндө далилдерди берет, аларды иликтөөгө катышат, жазык мыйзамын колдонуу жана жаза дайындоо боюнча өз тыянактарын баяндайт.

## 4.2. Мамлекеттик айыптоонун колдоонун тактикасы

Мамлекеттик айыптоону колдоо — соттолуучунун кылмыш жасагандыгын үчүн ашкерелөө, айыптоо тезисти негиздөө жана сот тарабынан чечилүүчү маселелер боюнча позицияны түзүү боюнча процессуалдык далилдөө процессинде мамлекеттик айыптоочунун ага

22 А. А. Данилевич, О. В. Петрова, «Поддержание государственного обвинения», окуу электрондук басылма, Минск, Беларус мамлекеттик университети, 2020-ж.
23 Ротнова И. Б., Сущность и принципы государственного обвинения в уголовном процессе. Илимий макала. Россия укуктук изилдөө журналы №2 (11) 2017

берилген ыйгарым укуктарынын негизделген мыйзамдуу ишин билдирген кылмыш-жаза куугунтугун ишке ашыруунун бир формасы.

Мамлекеттик айыптоону колдоо тактикасы катары криминалистикалык илимдердин сунуштамаларына негизделген жана иш боюнча мамлекеттик айыптоочунун иш-аракеттеринин алгоритми боюнча позициясын, айыптоо актынын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө сотту ынандыруу максатын түшүнүү керек[24].

Мамлекеттик айыптоону колдоо шарттуу түрдө сотко чейинки (даярдоо) жана иш жүзүндө соттук (активдүү) этаптарга бөлүнөт. Биринчисине прокурордун айыптоо акты жана конкреттүү кылмыш ишинин материалдары менен таанышуу, аларды талдоо жана позициясын иштеп чыгуу кирет. Экинчисине соттук териштирүүдө прокурордун мамлекеттик айыптоочу катары жасаган соттук аракеттеринин жыйындысы — айыптоону ишке ашыруу, жабырлануучуну, айыпкерди суракка алуу, далилдерди берүү ж.б.

Прокурордун кылмыш ишин кароого жетишсиз даярдыгы мамлекеттик айыптоону жүргүзүүнүн сапатсыздыгынын эң кеңири тараган каталарынын жана себептеринин бири болуп саналат.

Кылмыш ишинин материалдарын жакшы билүү соттук териштирүүгө катышкан прокурор үчүн милдеттүү талап болуп саналат. Кылмыш ишинин материалдарын тереңинен билбөө мамлекеттик айыптоочунун сот отурумундагы пассивдүү ролунун себеби болуп саналат, бул өз кезегинде анын соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жана жыйынтыгына болгон реалдуу таасирин жокко чыгарат[25].

Прокурор соттук териштирүүгө катышып жатып төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

1) айыпкер кандай кылмыш аракеттерин жасагандыгы боюнча айыпталып жаткандыгын;

24 Сафронский, Г. Э. О криминалистическом содержании тактики поддержания государственного обвинения [Текст] — 2014. — № 6.
25 Моисеева Г. А., Хаустова Л. М. Соттор тарабынан кылмыш иштерин кароодо прокурордун катышуусун жакшыртуу боюнча Методикалык колдонмо. — Ульяновск, 2000. С.9.

2) тергөөнүн версиясын кандай далилдер тастыктай тургандыгын;

3) айыпкердин жана жабырлануучунун мүнөздөөчү кандай маалыматтар бар экендигин (айрым учурларда күбөлөрдүн инсандык маалыматтарын изилдөө зарыл);

4) тергөө органдары айыпталуучунун кылмыштуу аракеттерин туура квалификациялангандыгын;

5) тергөөнүн жүрүшүндө процесстик бузуулар жол берилген берилбегендигинин.

Аялдарга карата зомбулук далилдердин чектелгендиги менен мүнөздөлөт жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү айыптоодо абдан маанилүү роль ойнойт. Андыктан, аялдарга карата зомбулуктун көбүндө коргонуу стратегиясы жабырлануучуну алсыратууга, анын көрсөтмөлөрүнүн баркын кетирүү аракеттерине негизделген. Ушул максатта алар жабырлануучунун өмүр баяндарынан алардын «жагымсыз» репутациясын көрсөтө турган фактыларды издешет. Соттук-тергөө практикасы көрсөткөндөй, коргоо тарабы аялдарга карата зомбулук фактылары боюнча жетишкен ийгиликтин негизги үлүшү айыптоодон баш тартуу же элдешүүнү түзөт.

Айыптоочулар аялдарга карата зомбулукка байланышкан кылмыш иштер боюнча коргоо тактикасы болуп көбүнчө мамлекеттик айыптоо менен катуу тирешүү мүнөзгө ээ экендигин эске алышы керек. Адатта, жактоочу тарап соттук териштирүүнүн жүрүшүндө соттук кырдаалдын өзгөрүшүнө, анын ичинде кээ бир далилдерди изилдөөнүн натыйжаларына жараша өзүнүн версиясын бир нече жолу өзгөртүшү мүмкүн. Андыктан мамлекеттик айыптоочу жактоочу тарап айткан бир эмес, бир нече версияны жокко чыгарууга даяр болушу керек.

Аялдарга карата жасалган эң коомдук коркунучтуу зомбулук кылмыштарынын бири — зордуктоо. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук иштери боюнча соттук териштирүүнүн өзгөчөлүгү ушул категориядагы жазык иштери боюнча далилдөө предмети менен шарттталгандыктан, мамлекеттик айыптоочу сотто териштирип, далилдей турган жагдайларды так билиши керек. Алар төмөндөгүлөр:

1) Кылмышкердин (кылмыш субъектисинин) инсандыгы: өзүнүн иш-аракетинин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулугун таанууга жана аларды башкарууга жөндөмдүү, акыл-эси соо адам экендигин; айыпкердин психикасынын бузулушуна байланышпаган акыл-эси артта калган учурда, анын иш-аракетинин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулугун толук түшүнүү же аларды башкаруу жөндөмдүүлүгүн; мыйзам тарабынан аныкталган куракка жеткендигин (туулган жери жана датасы), аны мүнөздөгөн маалыматтарды; айыпкердин жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн; анын жеке сапаттарын, кесиптик көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн;

2) эгерде башка кылмыш жасоого кошо катышкандар болсо, алардын ар биринин кылмыштуу аракетин: айыпкердин кылмыш ишинин эпизоддоруна катышуусун аныктоону; ар бир айыпкердин жасалган кылмыштагы ролун алдын ала бүтүм же уюшкан топтун сүйлөшүүсүн тастыктаган фактылар боюнча, кылмышты даярдоодо, жасоодо жана жашырууда алардын аракеттеринин жыйындысы аркылуу аныктоону; алдын ала бүтүм боюнча же уюшкан топтун катышуучуларынын ар биринин кылмышты даярдоодо, жасоодо жана жашырууда ролун аныктоону;

3) жабырлануучу менен жыныстык катнашы боюнча: соттолуучун, жабырлануучун жыныстык катнаш жасоо мүмкүнчүлүгүн; жыныстык катнаштын убактысы, анын узактыгы; жыныстык катнаш болгон жер; жыныстык катнаштын алдындагы жагдайларды; жыныстык катнашты жасоо жагдайларын; жыныстык катнаштан кийин болгон жагдайларды;

4) зомбулук көрсөтүү же жабырлануучунун алсыз абалын колдонуу боюнча: жабырлануучунун каршылыгын басуу үчүн же зордуктоочуга каршылык көрсөтүү учурундагы физикалык зомбулукту; психикалык зомбулукту; жабырлануучунун дене алсыздыгынан же дене кемчилигинен, ошондой эле эс-учун жоготкондуктан, психикалык оорудан, баңги же алкоголдук мас абалында, жашы жете электигинен, терең табигый эмес уйку, соттолуучунун инсандыгын адашуусунан улам жабырлануучунун алсыз абалын; кылмыш жасоодо колдонулган конкреттүү каражаттарды жана каражаттарды фиксациялоо, алуу, аныктоону, жыныстык кат-

наштын, физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүүнүн натыйжасында пайда болгон издерди фиксациялоо, алуу жана изилдөөнү; белгилүү бир куралдар менен келтирилген физикалык жана психикалык зомбулуктарды[26].

## 4.3. Соттук териштирүүгө катышкан адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу

Акыркы мезгилде кылмыштын курмандыктарын коргоо көйгөйлөрүнө көбүрөөк көңүл бурулууда. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1, 2-пункттарына ылайык, ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет. Ар бир адам мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар аркылуу өз укуктарын жана эркиндиктерин коргоого укуктуу.

Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуунун негизги принциптерин аныктайт, 77-беренеге ылайык, жабырлануучунун, күбөнүн, айыпталуучунун жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу башка адамдардын, алардын жакын туугандарынын, жубайынын коопсуздук чараларын камсыз кылуу максатында иш анын өндүрүшүндө турган орган:

1) зомбулук коркунучун же кылмыш-жаза мыйзамында тыюу салынган башка аракетти (аракетсиздикти) жасаган жакка кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн экени жөнүндө расмий эскертүү жасайт;

2) корголуучу адам жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн чектейт;

3) анын жеке коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө тапшырма берет;

26 Малова А. А. Поддержание государственного обвинения по делам об изнасилованиях/ диссертационная работа. 2006

4) айыпталуучуга карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларына зомбулук же башка кылмыштуу аракетти (аракетсиздикти) жасоо мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу бөгөт коюу чараларын колдонот;

5) жакындоого тыюу салуу түрүндөгү кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чарасын колдонот.

Мындан сырткары, «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жазык сот өндүрүшүнө катышуучуларды коопсуздук жана социалдык жактан коргоо чараларын камтуучу мамлекеттик коргоо чараларынын тутумун киргизүү карайт, ошондой эле аларды колдонуунун негиздери жана тартиби аныктайт.

Мыйзамдын 6-беренесине ылайык, корголуучу адамдарга карата төмөнкүдөй коопсуздук чараларынын бир эле учурда бир нечеси, болбосо бирөө колдонулушу мүмкүн:

1) жекече кайтаруу, турак жайын жана мүлкүн кайтаруу;

2) жекече коргоонун, байланыштын жана коркунуч тууралу кабарлоонун атайын каражаттарын берүү;

3) корголгон адам жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу;

4) жашаган жерин башка жакка көчүрүү;

5) зарыл учурда ошондой эле корголуучу адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата колдонулуучу анкеталык маалыматтарды өзгөртүү менен документтерди алмаштыруу;

6) сырт түспөлүн өзгөртүү;

7) сотто чыгып сүйлөө учурунда алардын сырт түспөлүн маскировкалоо же кошумча визиуалдык изоляциялоо, ошондой эле соттук тергөөнүн жүрүшүндө анкеталык маалыматтарды жана башка маалыматтарды ачыкка чыгарбоо;

8) иштеген (кызмат ордун) же окуган жерин өзгөртүү;

9) убактылуу коопсуз жерге жайгаштыруу;

10) камакта кармалган же жазасын өтөө жеринде турган корголуучу адамга карата кошумча коопсуздук чараларын колдонуу, анын ичинде камакта кармалган же жазасын өтөп жаткан бир жерден экинчи жерге которуу.

# Колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси


1. 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

2. Адам укуктарынын жалпы декларациясы.

3. Никедеги аялдын жарандыгы жөнүндө Конвенция

4. Аялдарга карата зомбулукту жок кылуу боюнча Декларациясы.

5. 2021-жылдын 10-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы.

6. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен күчүнө кирген);

7. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамы менен күчүнө кирген);

8. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамы менен күчүнө кирген);

9. 2012-жылдын 10-июлундагы № 100 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси (КРнын 2020-жылдын 1-августундагы №109 Мыйзамынын редакциясына ылайык).

10. 2003-жылдын 30-августундагы № 201 Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодекси (КРнын 2020-жылдын 17-августундагы №135 Мыйзамынын редакциясына ылайык).

11. 2021-жылдын 5-майындагы №60 «Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

12. Окуу колдонмо «Уголовное право. Общая и особенная части. Интенсивный курс в алгоритмах». Н. Р. Байгубатова, А. А. Абдыбеков, А. Т. Эсенбекова. — Бишкек, КГЮА, 2018-ж.

13. Прокурордун дайыма колдонулуучу китеби С.И. Герасимовдун редакциясынын алдында Москва, 2002.

14. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине илимий-практикалык түшүндүрмө. Осмоналиев К. М., Супатаева Ж. Э., Бишкек, 2014-ж.

15. «Чыгыш өнөктөштүктүн алты өлкөсүндө (Азербайжан, Армения, Грузия, Молдова Республикасы, Украина жана Беларусь) аялдардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу» долбоорунун алкагында даярдалган Судьялар жана прокурорлор үчүн аялдардын сот адилеттигине жетүүсүн камсыздоо боюнча окуу куралы 2017-ж.

16. А. А. Данилевич, О. В. Петрова, «Поддержание государственного обвинения», окуу электрондук басылма, Минск, Беларус мамлекеттик университети, 2020-ж.

17. Ротнова И.Б., Сущность и принципы государственного обвинения в уголовном процессе. Илимий макала. Россия укуктук изилдөө журналы №2 (11) 2017.

18. Сафронский Г. Э. О криминалистическом содержании тактики поддержания государственного обвинения [Текст] – 2014. – N 6.